

Т. КАРИМБАЕВ

ЫЛДАМДЫККА ЧАБУУЛ

Т. КАРИМБАЕВ

ЫЛДАМДЫККА ЧАБУУЛ



(очерктер)

«КЫРГЫЗСТАН» ФРУНЗЕ
1982-ж.

75.4
К23

Каримбаев Т.

К23 Ылдамдыкка чабуул: Очерктер — Ф.: Кыргызстан, 1982,—60 бет.

Автор бүткүл Союздук жана эл аралык ареналарда республикабыздын спорттук ар-намысын жактаган спортсмендер жөнүндө баяндайт.

К $\frac{60901—37}{М\ 451(17)—82}$ 79—82 4201010000 7А.02 ББК 75.4

© «Кыргызстан» басмасы, 1982-ж.

ЖЕҢИШ ЖОЛУНДА

Макулдашкан мезгилге «Спартак» стадионунун батыш трибунасынын алдына келсем Таня спорттук формаларын жыйнап кеткени жаткан экен.

— Машыгуун аяктадыбы? Же мен тоскоол болдумбу?

— Жок, бүгүн эртерээк баштадым. Үйдө да бир аз иштим бар. Сиз менен да аңгемелешүүм керек. Бардыгы зарыл, бардыгы керек. Биздин спортсмендердин деп айтмакчымын, турмушубуз ушундай. Ар дайыма убакыт тар. Анын үстүнө үй-бүлөнүн түйшүгүнө эми гана түшүнө баштадым. Ансыз да болбойт. Эмесе убакытты бекер кетирбейли.

— Таня, Лев Матвеевич кайда?

— Ал бүгүн Шамиль менен атайын план боюнча машыгуу өткөрүп жүрөт. Мага кечээ эле тапшырма берип койгон. Өз алдынчалыкка да көнүгүү артыкбаш эмес.

Дагы бир нече катар тепкич жогору көтөрүлүп, далдаа жерге олтурдук. Таня шашпастан менин суроолорума токтоо жооп берип жатты. Маектешүү эки саат чамасы созулганын сезбей да калдык. Чамасы мектепке окууга кирип, анан кандайча спортко келгенин, спорттук чеберчиликке жетишүүнүн кыйын жолун күн санап кайра баскансыдык. Аңгемелешүү олимпиадалык оюндан, андан кийинки мына ушул күндөлүк машыгуу ма-

шакаттарына келип корутундуланды. Менин сизден өтүнөрүм,— деди Таня ордунан туруп жатып,— адегенде Лев Матвеевич жөнүндө жазыңыз. Анын талыкпаган эмгеги, күндөлүк изденүүсү, аталык сүйкүмү тартылган фондо гана биздин ийгиликтерибиз жарашыктуу көрүнөт. Биз деп мен Шамилди да кошуп айтып жатам. Көп жылдан бери бирге машыккандан тышкары Аббясов менин өмүрлүк жолдошум эмеспи. Мына ушунда да Лев Матвеевичтин үлүшү чоң.

Москвадагы XXII Олимпиадалык оюндардын чемпиону, СССР спортуна эмгек сиңирген мастер Татьяна Колпакова менен бул маектешүү анын Бухаресттеги бүткүл дүйнөлүк универсиадага кетээри алдында болду. Азыр дүйнөдөгү эң мыкты спорт чеберлеринин бири болгон бул 22 жаштагы студенткanын жупунулугуна, биринчи кезекте тарбиялоочусу — СССРдин эмгек сиңирген машыктыруучусу Лев Матвеевич Эльтерманга балалык сүйкүмү мени аябай толкундатты. Ооба, эмгекти баалай билген киши гана дилгир эмгектене алат жана эмгекти барктайт деген ойдо болдум. Таня менен коштошуп жатып, анын спорттогу басып өткөн жолу кайрадан көз алдыма элестеди. Өлкөбүзгө мындай таланттуу спортсменканы тартуулаган жигердүү педагогдун — Эльтермандын салымы дагы да белсемдүү көрүндү.

— Шамил Аббясовчу? Анда Эльтермандын эмгеги жокпу?—деп сурагандар да көп болор. Жок, бул өзгөчө учур. Шамилди советтик спорттун бүгүнкү күндөгү чоң ишеничтеринин бири кылып тарбиялагандыгын эч ким танбайт. Бирок, Аббясов спорттук алгач кадамдарын Ош шаарында, Иван Петрович Звягиндин жетекчилиги алдында жасаган. Лев Матвеевичтин колуна республиканын мектеп окуучулары арасында чемпион деген наам менен келген. Ал жөнүндө да оюбузду ортого салууга убакыт жетет. Биринчиден Таня жөнүндө баян кылмакчымын.

Борборубуздагы № 45 орто мектепте спорт жөнүндө оюнда да жок, музыкага шыктуу кыз өсүп жатты. Танянын окуудагы жана музыкадагы ийгиликтери үй-бүлөнү кубанычка бөлөдү. Ата-энеси анын музыкалык чоң ийгилигине умуттөнүшчү.

— Лев Матвеевич менен жолукпасам, спортсменка болуу түшүмө да кирмек эмес. Баягы пианино менен достошуп өмүр өтөр беле. Ооба ошондой болмок. Мектептеги салтанаттарда ойногонума баамдап, жөндөмдүү музыкант болот дешчү көпчүлүк окуучулар. Өзүм да ошондой деп ойлочумун. Анын бардыгы башкача болуп калды,— деп эскерет мектеп жылдарын Таня.

Бир күнү дене тарбия сабагында жаңы киши пайда болуп калды. Ал мугалим менен бир аз кеңешкен соң, 60 метрге чуркоо боюнча жарыш боло тургандыгын жарыя кылды. Балдар, кыздар биринин соңунан бири мектептин спорттук аянтчасында стартка чыгып жатышты. Жанагы келген орто бойлуу, көзүнөн шайырлыктын нуру чачыраган, сүйкүмдүү жылмайган тармал кара чачтуу кишинин колунда секундамер. Жарышуучулар мараага келгенде секундамерди тык басат да анчалык канааттанбагандай кийинкилерин күтөт. Класстагы бардык окуучулар өткөндөй болду. Алардын ичинен экөөнүн гана ысымы ал кишинин блокнотуна түштү. Анысыча кыздардын бирөө: аттиң бүгүн Танянын жоктугун карачы, бул агай анын чуркаганын көрсө оозу ачылып калмак. Ага кыздар турсун балдар да жете албайт, деп калды.

— Ал Таняңар ким эле? — деп сурады чоочун мугалим.

— Таня Колпакова. Бүгүн сабакка келбей калды. Ооруп калган болуу керек. Бизде андан күлүк кыз жок. Жөн эле учуп кетет.

Лев Матвеевич бул мектепке дагы үч жолу келди. Үчүнчүсүндө гана Таня менен жолукту. Бир көргөн кишиге эч кандай өзгөчөлүгү сезилбейт. Айырмалангандай бойлуу да

эмес, арыктыгы болбосо жөн эле жүздөгөн окуучулардын бири. Анча кызыксынбады. Мейли, бир чуркатып же секиртип көрөйүнчү деди Лев Матвеевич. Атайын келген соң, эмгегим бөөдө кетпесин.

— Баракелде. Чуркаганда кыз таптакыр башкача көрүндү. Кандайдыр денесинде кошумча күч, кыймылдаткыч динамика бардай сезилет. Күүлөнүүсүчү. Коош, чуркаганың жаман эмес. Узундукка секирип көрөсүңбү?

— Мейли. Секирсе, секирейин,—деди Таня анчалык кызыгуусуз, эмне эле мага асылып калды бул киши дегендей таңыркай карап. Көп катуу күүлөнбөй келип кайдыгер гана секирди. Көз болжолу 4 метрден кыйла ашык. 7-класстын окуучусу эң жакшы.

Бул агайдын өтүнүчүн аткардым го, эми өз ишимди улантайын дегенсип, кыз классты көздөй басты эле Эльтерман аны токтотуп калды.

— Сен мурда жеңил атлетика менен машыктың беле?

— Эмне кылам машыгып. Дене тарбия сабагынан чуркаганга, секиргенге, көнүгүүлөрдү аткарууга кыскасы көп эле перселерге үйрөнөбүз. Атайын машыгайын деп ойлогон да эмесмин. Мен музыкалык мектепте окуймун. Ошол жетиштүү. Үйдө да жардам берүү керек.

— Эгерде мен спорттук секцияда машыгууну сунуш кылсамчы?

— Аны мен кабыл албаймын.

— Эмне себептен?

— Биринчиден менин ага шыгым жок. Экинчиден мага музыка кымбат.

— Өзүңдүн спорттук жөндөмдүүлүгүңө ишенбейсиңби? Же аны билбейсиңби?

— Сиз аны кайдан билдиңиз? Менин боюм да спортсменкалардыкындай чоң эмес. Көрүп эле жүрбөймүнбү, спорттук секциядагылар менден алда канча чоң. Менимче мындан эч нерсе чыкпайт.

— Эгерде чыкса?

— Мен ага ишенбейм. Деги үй-бүлө да ага каршы чыгат. Музыкам эле жакшы. Лекилдеп чуркап жүргөндө эмне.

Бул жолу Таняны ынандыра албастыгына көзү жеткен соң Лев Матвеевич аны менен коштошуп, дагы жакшылап ойлонуп көрүүнү сунуш кылды.

Таня Лев Матвеевичтин сунушуна адегенде көңүл кош болгону менен жүрөгүнө кандайдыр спортко ишеничтин үрөнүн таштагандай болду. Балким менде чынында да спорттук талант бар чыгар деген суроо улам-улам ишенимдүү угула баштады. Жок, мен музыканы сүйөм деген ой эми анчалык күчтүү, ишенимдүү болбой калды. Дене тарбия сабагына болгон көз караш да өзгөрдү. Мурдагыдай, эптеп эле сабактын бүтөөрүн күтүү эми жок. Көңүгүүлөрдү тырышчаактык менен ынтаа коюп аткара баштады. Ошондой болсо да музыкадан кол үзүүнү ойлободу.

Лев Матвеевич дагы бир келүүсүндө Таня менен ачык аңгемелешүүнү чечти.

— Таня, өзүң ойлочу, сабактан бош убактыларыңды спортко да, музыкага да бөлүү кыйын болот. Өзүң көрүп турбайсыңбы, бир кыйла кыйналып калдың. Эгер менин оюмду сурасаң, мен, албетте, биротоло спортко өт деп айтмакчымын. Бул музыкадан тап-такыр кол үз дегендикке жатпайт. Ким музыканы сүйбөйт. Андай адамдын болуусу да мүмкүн эмес. Бирок, профессионалдык музыка көп убакытты, аракетти талап кылат. Аны өзүң, өз көңүлүң үчүн ойногон менен теңештирүүгө болбойт. Ошондуктан бирөөнү танда.

Таня бул жолу да кесе жооп берген жок. Үйдө дагы кеңешип көрөйүн деди.

Үй-бүлөнүн Танянын пикири жөнүндөгү кеңешмеси узак болду. Өйдө-төмөн көп ойлор айтылды. Акырында мейли, машыгып көрсүн, эмне чыгаар экен. Бирок, музыканы такыр таштабасын. Ким билет. Спорт жанына батса кайра музыкага кайтып келүүгө болобу деген чечимге келишти.

Ушинтип спорттук чыныгы машыгуу башталды. Анын канчалык оор, машакаттуу экенине эми ынанды. Үй-бүлөдөгү алдын ала эскертүүлөр бекеринен болбогондугуна, спортту таштап кайрадан музыкага келүүсүнө кандайдыр негиздин барлыгына эми көзү жетти. Жок. Андай болсо Таня өзүн өзү жек көрмөк. Кичинесинен кыйынчылыктардан тайсалдаган эмес. Деги кыйынчылыкты жеңмейин нйгилик жаралабы? Музыкада андай эмес беле? Нечен сааттап жылбай пианинодо олтургандарычы. Көнүгүүлөрдү кайталап олтуруп колдун, манчалардын карышканына сан жетпейт. Эми болсо негизинен бардык күч бутка келет. Мында да аябай чарчайсың. Машыгуудан кийин жылуу душка түшүп серүүндөп алсаң денең жеңилдеп, бүткүл муундарына чарчагандыктын жагымдуу сезими угулат.

Алгачкы айлар чуркоо менен узундукка секирүүнү туура өздөштүрүүнүн «Алиппесиндей» өттү. Эми машыктыруучу Таняның жөндөмдүүлүгүнө, сейрек учуроочу спорттук талантына толук ишенди. Андай болгон соң окуяны шаштыруунун, ылдам көрсөткүчтөргө жетишүүгө умтулуунун кажети жок. Лев Матвеевич жаш болсо да өзүнүн иш тажрыйбасынан мунун баарын өткөрдү.

Мектепте окуп, республиканын курама командасынын составында мелдешке катышып жүргөн жылдары эңсегени эле машыгуунун натыйжасын эртерээк көрүүнү, жеңишке жетишүүнү самап туруучу. Узундукка секирүүнү тоскоолдуктардан секирип чуркоо менен айкалыштырып жүргүзүүчү. Анан физкультура институту. Эми Эльтерман чоңдор арасында республиканын чемпиону. Мурдагыдай эле бирде узундукка секирсе, бирде тоскоолдуктардан секирип чуркайт. Бирок, натыйжа сезилээрлик өспөйт. Ошондо эле такай экөөнүн бирөөн тандап алуу оң боло турганына көзү жеткен. Кантсин, кымбат убакыттар зымырап алдыга озду. Лев Матвеевичтин көрсөткүчтөрү республикалык деңгээлден жогору көтө-

рүлгөн жок. Канткен менен да келечекке жакшы сабак болуп калды.

Кыргыз мамлекеттик физкультура институтун бүтүргөн соң өзү көптөн самаган машыктыруучулук кесипте иштей баштады. Ар кимдин сүйгөн, көптөн самаган кесибинде эмгектенүүсү чоң кубаныч, канааттануу экенин эч ким тана албайт. Эльтерман өз алдынча машыктыруучулук иште жан-дили, бүтүндөй ой-максаты менен берилип иштей баштады. Үй-бүлө турсун, убагында тамактанууну да унутуп калуучу.

Көп жыл эмгектенип, нечен кыйынчылыктарды жеңип, спорттук орбитада талпынтып учурган алгач тарбияланууучулары Людмила Бугримова, Елена Лозинг, анан жээн Павел Эльтерман болушту. Алардын ар бири республиканын спорттук тарыхында, өзгөчө жаштар арасында эсте каларлык жеңиштүү автографтарын калтырышты. Людмила тоскоолдуктардан секирип чуркоодо кыздар арасында өлкөнүн чемпиону болду. Павел болсо жаштар арасында СССРдин курама командасына бир нече жолу тартылды. Экөөнүн тең арымы алыс узаган жок. Ийгиликти шаштыруу артыкбаш экенине бул да ынанарлык далил болгон.

Ушундан улам Таняның спорттук келечегинин имаратын шашпастан, ырааттуулук менен бекем тургузууну туура тапты. Анын үстүнө узундукка секирүүдө жогорку көрсөткүч ылдамдык аркылуу жетишиле тургандыгы жакшы маалым. Демек, машыгуунун бул жагына — ылдамдыкты өркүндөтүүгө негизги көңүлдү бөлүү зарыл. Ооба, секирүү боюнча машыгууну бир нече жылга унуткаруу керек. Спринт, жалаң гана спринт.

Тарбиячысынын насаатынан Таня чыккан жок. Мен секирүү боюнча адистешип жатсам кыска аралыкка чуркоонун мынчалык эмне кажети бар? — деп сурагысы да келди. Бирок. Лев Матвеевич эмнеликтен мындай жолго түшкөнүн билет болуш керек деген ой ме-

нен сөз каткан жок. Машыктыруучу кыздын суроолуу көз карашына бир нече жолу: сен тың калба. Бул келечек үчүн зарыл. Шашпа. Узундукка секирүүгө биротоло кайтып келүүчү күндөр да болот деп кыска жооп берүүчү.

Колпакова кыска аралыкка чуркоодо дылдам эле жакшы жөндөмүүлүктү көрсөттү. Республиканын кыздар арасында чемпиону болду. Разряддык нормаларды кыйналбастан багындырып, алдыга ишенимдүү арыш таштады. Үч жылга жетпей спорттун мастерлигине кандидаттын талаптарын аткарды. Мындай өсүшкө ким болбосун суктанбай койбойт. Бул арада Таня мектепти жакшы баалар менен бүтүрүп, Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетине кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырды.

Машыктыруучунун баамдоосуна караганда узундукка секирүү боюнча машыгууну баштай турган мезгил да келип жетти. Танянын булчуңдары чыйралып, күчкө толгон учуру келди. Мындай мезгилде артыкбаш этияттуулуктун кереги жок. Максатка жетишүү үчүн чабуулга чыгуунун да белгилүү мезгилдери бар. Бул үчүн машыктыруучу гана эмес, спортсмендин өзү бардык аракеттерди туура баамдап, пайдалуусун, зыяндуусун баалай билүүсү зарыл. Эки тараптын чыгармачылык кызматташтыгы — ийгиликтин ачкычы.

Арадан үч жылдан ашуун мезгил өттү. Колпакова спорттук Олимпти багындырып, бүт дүйнөгө таанылды. Эми Лев Матвеевич чабуул коюучу учурду туура тандагандыгын толук негиздер менен ырастоого болот.

Чабуул мындайча башталды. 1978-жыл. СССР элдеринин VII жайкы спартакиадасына даярдыктын чечүүчү мезгили. Бир жылга жетпей спорттук жогорку чеберчиликтин бүткүл элдик кароосу. VII спартакиаданын эң чоң өзгөчөлүгү ал XXII Олимпиадалык оюндарга катышуучуларды тандоонун, даярдыкты кароонун башкы репетициясы болучу. Алгач жолу спартакиаданын старттарына пла-

нетанын бардык континенттеринен спортсмендер чакырылып, спартакиадалык сыйлыктар үчүн ат салышкан. Катышуучулардын саны, географиясы жана даярдыктын деңгээли боюнча ал Олимпиада оюндарынан кем калышкан эмес. Мындай кырдаалды колдон чыгаруу кечиримсиз болор эле.

Эстафеталык чуркоо боюнча машыгуу жаңы эле аяктап, Таня кечки салкын менен үйгө кетүүгө даярданып жаткан. Лев Матвеевич коштошуп жатып: сенин чуркоо боюнча машыгууң бүгүн аяктады. Эми негизги максатты жүзөгө ашырууга киришүүбүз керек. Алдыда бир жылдан бир аз эле ашуун убакыт бар,— деди.

Кандайча? Мен спартакиадага спринттен катышам го деп ойлогом.

— Жок. Эртеңден тартып узундукка секирүүгө өтөбүз. Дагы айтаарым эми күнүнө 2 жолу машыгабыз. Өткөн мезгилди толуктоо керек эмеспи.

— Узундукка секирүү болсо, ошондой болсун. Жөн эле кыздар менен эстафетага көнүгүп калдым эле. Болуптур баштаса баштайлы, деди Колпакова машыктыруучунун көңүлүн улап.

Эртеси машыгуу башталар мурда Эльтерман кыздын жанына олтуруп жатып:

— Таня, мына эки жылдан ашуун секире элексиң. Менимче секирүүнүн мурдагы сен билген ыкмасын унутууга убакыт жетиштүү болду. Тактап айтканда, секирүүнүн гана эмес, көбүнчесү күүлөнүүнүн. Ийгиликтин негизи ошондо жатат. Бир нерсени жакшы түшүнүп, өздөштүрүп алсаң. Күүлөнүп чуркап келатып, жерден түртүнүү үчүн бир аз гана ылдамдыкты жоготуу натыйжаны кескин төмөндөтөт. Ошондуктан күүлөнүп чуркоо менен секирүүнүн ортосунда эч кандай үзгүлтүктүн болушу тийиш эмес. Секирүү күүлөнүүнүн уландысы, корутундусу болушу зарыл. Бул үчүн күүлөнүүнү жайыраак баштап, ылдамдатып олтуруп, акыркы чекке эң жогорку

ылдамдыкта келүү керек. Бүгүнтөн тартып мына ушуга жетишүүнү баштайбыз. Машыгуу беш минутадан кийин. Өзүңдү эми үйрөнчүк деп эсептей бер.

Машыктыруучунун сөзү кызга бир чети кызык угулду. Спорттун мастерлигине бир-эки кадам калганда үйрөнчүк болуу түшүнүксүз. Же мурда секирбей жүрсө экен. Айрым ыкмалар өзгөрүлөр. Негизи мурдагыдай калат да.

Бул жаңылыш пикир экенин Таня алгачкы машыгууда эле жакшы түшүндү. Кыска аралыкка чуркоодо алгачкы метрден бардык күчүң менен алдыга умтуласың ылдам жана кере адым шилтөөгө тырышасың. Мында да бара-бара күүлөнүү бар. Бирок секирүүдөгүдөй эмес. Чуркоону баштоочу чекти тамандап өлчөп чыгып, чуркаганда да адымды өлчөп таштоо керек. Болбосо секирүү чегинен ашып кетесиң же жетпей каласың. Буга көңүл бурсаң, акыркы түртүнүү аракетиң начар болуп калат. Лев Матвеевичтин «үйрөнчүк» деген сөзү да ушундан болду.

Күүлөнүүнү баштап, секирүү чегине чейинки аралык кээде алтымыш, кээде жетимиш метр менен өлчөлөт. Анын так өлчөмү жок. Ар ким өзүнүн ыңгайына карайт. Бирок дал ушул метрлер келечек жеңиштердин негизи, секирүүнүн метрлеп бөлүнгөн класстары, жетилүү баскычтары деп айтсам жаңылышпаймын, деп ойлойм. Муну көп жолку аңгемелешүүдө Лев Матвеевич да, Таняын өзү да ырасташты. Жалпы билим алуу класстан класска өнүгүп олтургандай, секирүү, чеберчилиги да ар бир кадам сайын чыңала берет. Адепки женил жасалган кадам улам татаалданат. Секирүү чегинде ал эң жогорку татаалдыкка жетишет.

Таня узундукка секирүү боюнча машыгууну өзгөчө кызыгуу менен баштады. Ар күнү эки маал, эртең менен жана кечинде кеминде эки сааттан аракеттенсе да чарчоочудай көрүнбөйт. Ар бир кадамды, аракетти кайта-

кайта кайталайт. Берметтей болуп тамчылап аккан тер аны улам жеңилдеткендей, дем бергендей сезилет. Кээде машыктыруучу аны күч менен токтотуучу да болду. Эмгек текке кетпейт эмеспи. Натыйжа да ылдам көрүнө баштады. Бир нече айдын эле ичинде көрсөткүч 6 метрдин чегине жетти.

Талыкпаган даярдык менен кыш өтүп жаздын кирип келгени да сезилбей калды. Таня кээде мезгил мынчалык ылдам өтүп жаткандыгына өкүнгөндөй болот. Ар бир өткөн күн спартакиаданын финалдык мелдештерин жакындатууда. «Мезгил бир аз сабыр кыл!» деп кыйкыргысы да келет. Али биринчи максат— СССР спортунун мастеринин нормасын толтуруу аткарыла элек. Ансыз Олимпиада турсун спартакиаданы да ойлоп бекер.

Жеңил атлетикалык сезондун алгачкы жарыштарында эле Таня биринчи чектен өттү. 6 метр 42 см. алыска секирип, спорттун мастери болду. Ушундан тартып ар бир жаңы жарыш менен анын көрсөткүчү арта берди.

Көптөн күткөн мезгил да жетип келди. 1979-жылдын 19-июлунда, бир жылдан кийин XXII Олимпиадалык оюндардын ачылышы дайындалган күнү, СССР элдеринин VII жайкы спартакиадасынын желеги көтөрүлдү. Болочок Олимпиадалык борбордук аренада — В. И. Ленин атындагы стадиондо дүйнөнүн 70ке жакын өлкөлөрүнүн өкүлдөрү менен бирге советтик жеңил атлеттер да мелдешишти. Спартакиада Татьяна Колпаковага СССРдин курама командасына, болгондо да Олимпиадалык командасына путевка берди. 6 метр 63 см. натыйжа менен ал байгелүү бешинчи орунду ээледи. Мындан мурда эч кимге белгисиз болгон, ак мөңгүлүү Ала-Тоонун койнунда туулуп өскөн кыздын таланты спорттук адистердин гана эмес, миңдеген көрүүчүлөрдүн көз алдында жаркырап от алды. Бешинчи орунду ээлегени менен Таня узундукка секирүү боюнча адистердин көңүлүнүн бор-

борунда болду. Ага советтик спорттун ишеничи катары баа берип жатышты.

Кыргызстандын чемпиону адистердин баасын аяктоого тырышкандай натыйжасын улам арттыра берди. Олимпиадалык 80-жылды ал өлкөнүн кышкы биринчилигинде коло медалды жеңип алуу менен баштады. Бул ага ишеничти дагы арттырды. Мындан кийин эки мелдеште Колпакова жекече, демек республикалык рекордду жаңылады, 7 метрлик чекке тыгыз барды.

Олимпиадага эки жума калганда Лев Матвеевич менен жолугушуп, маектешүүгө мүмкүнчүлүк болуп калды. Олимпиадалык машакаттын толкунунда тынчсызданып жүргөн тарбиячы убакыттын тарлыгын белгилеп:

— Биринчиден, Танянын, менин пландарым кызыктырат болуу керек. Эмне десем, экөөбүздө тең ишеним чоң. Кооптонгонубуз акыркы кароо болучу. Андан жакшы өттүк. Оюндарга путевка алуу анда мелдешүүдөн да кыйыныраак деп ойлоймун. Ушунча аракеттенгенден кийин Оюндардан сыртта калуу деген кандай сокку. Ал эми талапкерлер болсо көп Таня баарынан жашы. Олимпиадалык гана эмес эл аралык мелдештерден тажрыйбасы жок. Ошондой болсо да байгеден куру кол болбойбуз деп ишенем. Ал эми жүрөгүбүздүн терецинде жогорку сыйлык да бар. Аны угуза айтуу азырынча мага да коркунучтуу. Эң негизгиси, Таня экөөбүз көптөн даярданган ыкма жүзөгө ашып, ал образдуу айтканда күчтүү күүлөнүү менен түзүлгөн секирүү толкунуна «мине» алса. Анда бардыгы жайында болгону. Эмнеси болсо да республикага байгесиз келбейбиз. Бул биздин убадабыз, антыбыз.

Бул убада жана ант Москвадагы Олимпиадада акталды. Таня жыйырма жылдан кийин мекенибизге чуркап келип узундукка секирүүдө алтын медалды кайра алып берди. Анын көрсөткүчү 7 м. 6 сантиметр. Бул спорттун ышкыбоздоруна жакшы маалым.

Менин айтайын дегеним Колпаковага таандык болгон өзгөчө сапаттар — эрктүүлүк, токтоолук, кебелбестик жөнүндө. Адатынча, жогорку көрсөткүчтөр алгачкы аракеттерде көрсөтүлөт. Анан тартынуу, жаңылып каламбы деп кооптонуу башталат. Бардык күчүн акыркы аракетке топтоп, тайманбастан өзүнүн ыкмасын жүзөгө ашыра берүү чанда бир спортсмендин колунан келет. Мунун үчүн өз мүмкүнчүлүгүнө, өз күчүнө шексиз ишенүү керек. Алтынчы — акыркы аракетте алтын медалды жеңип алуу спорттук чоң эрдик.

XXII Олимпиадалык оюндар тарыхка жазылып калды. Анын окуялары күйөрмандардын эсинде гана сакталат. Ал эми Таня болсо өзүнүн олимпиадалык эрдигин улантып келатат. Эми да анын акыркы секирүүлөрү жеңиштүү болууда. Москвадагы оюндардан бир жыл өткөндөн кийин Колпакова Бухарестте студенттердин бүткүл дүйнөлүк универсиадасында көрүүчүлөрдүн сезимин дагы бир жолу толкундатты. Алгачкы аракеттерден кийин ал алтынчы орунда болучу. Улам кийинки секирүүлөрдө медаль үчүн талапкерлердин биринен сала экинчисин басып өтө берди. Акыркы аракет. Ал бул жолу да жеңиштүү — алтын медалдуу! 6 метр 83 сантиметр. Натыйжасы менен биздин Таня универсиаданын жеңүүчүсү. Биздин Колпакова ушундай. Керектүү мезгилде ар дайым ишеничти актайт, советтик спорттун туусун бийик көтөрөт.

Колпакова азыр жыйырма эки жашта. Ал спорттук Олимпти 21 жашында чабуулдады. Олимпиадалык жеңишке чейин ал Бүткүл союздук аренада бир дагы жогорку сыйлыкка жетишкен эмес. Лев Матвеевич менен бирдикте Таня спорттук бийиктиктерге чабуул мезгилин туура тандап алганына эми баарыбыз ынанып олтурабыз. Бул чабуулдун башталышы гана. Алдыда али нечен сыноолор, мелдештер жатат. Аларда да Танянын чабуулдары жеңиштүү болоорунда ишенич

чоң. Колпаковандын спорттук келечеги али алдыда.

Чабуул мезгили жөнүндө сөз болгон соң Эльтермандын дагы бир тарбиялануучусу — Европанын чемпиону, чуркап келип эки аттап секирүүдө жабык имараттар үчүн дүйнөнүн рекордсмени Шамиль Аббясов жөнүндө кыскача айта кетпесек баянымыз толук болбос. Анын үстүнө, Таня өтүнгөндөй, Лев Матвеевичтин эмгеги ачык сүрөттөлбөйт.

— Мен Шамиль менен мектеп окуучуларынын республикалык спартакиадасында жолугуштум, деп эскерет Лев Матвеевич,— Ага дейре Иван Петрович мага бир нече жолу ал жөнүндө айтып берген. Чынын айтсам, анын мынчалык жөндөмдүү, таланттуу экенине көп ишене бергеним жок. Бара-бара машыгууларда ал кандайыр ички өзгөчө күчкө ээ экенине ынана баштадым. Баарыдан да Шамилдин аракетчилдиги, тартиптүүлүгү биздей машыктыруучу-адистерди суктандырбай койбойт.

Оштун жыйырманчы мектебинде окуп жүргөндө Иван Петрович Звягинден машыгып, Шамиль чуркоонун техникасын туура өздөштүрүп алган. Анын машыктыруучусу мурда 100 жана 200 метр аралыкка чуркоодо Кыргызстандын чемпиону болгон. Ал эми секирүү техникасы тарабынан ага жогорку талапты коюу, албетте, туура болбос эле. Ошондуктан Аббясовго көп нерсени кайрадан үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө туура келди. Кайра үйрөнүү жаңыдан үйрөнгөнгө караганда канчалык кыйын экени түшүнүктүү деп ойлойм. Ошондуктан анын спорттук бийиктиктерге чабуул коюу мезгили да бир кыйла кеч башталды.

1974-жылы республиканын мектеп окуучуларынын курама командасынын составына алынганда Шамилдин чуркап келип узундукка секирүү боюнча көрсөткүчү 6 метр 43 сантиметр болучу. Алма-Атада Бүткүл союздук XIII спартакиадада ал өз натыйжасы менен

айырмалана албаса да мелдештин мектебинен өттү, алгач тажрыйбага жетиштн. Лев Матвеевичтин сунушу боюнча Шамиль 1976-жылы өлкөнүн уландар курама командасына кандидат болуп алынды. Бул мезгилде ал негизинен эки аттап секирүүдөн машыгуучу. Курама команданын машыктыруучусу, эки аттап секирүү боюнча илимий эмгектин автору Витольд Анатольевич Креер менен таанышуу Аббясов үчүн гана эмес, Эльтерман үчүн да пайдалуу болду. Лев Матвеевич машыгуу жыйынында көп пайдалуу кеңештерди, тактикалык көрсөтмөлөрдү, жаңы тапшырмаларды алды. Мындан кийин оштук уландын өнөрү өргө умтулгандай болду. Бир жылдан кийин жаштардын Бүткүл союздук спорттук оюндарында Аббясов эки аттап секирүүдөн коло медалды жеңип алды.

Бул ийгилик эмнегедир Шамилди дагы өнүгүүгө, андан аркы жеңиштерге сүрөгөн жок. Спорттук чеберчиликтин өсүшү күткөндөй ылдам болбоду. Машыктыруучу дыкаттык менен зор ынтаа коюп спортсменди даярдай берди. Үч жыл жалаң эки аттап секирүүгө жумшалды. Жылына өз көрсөткүчүнө бир метрден кошуу Лев Метвеевичти гана эмес жана башка адистерди да канааттандырып, келечек жогорку натыйжаларга үмүттөндүрүп жатты.

Курама команданын машыгуусунда спортсмендердин ички жөндөмдүүлүгүн аныктоо максатында көбүнчөсү үч аттап секирүүнү практикалашат. Эгерде бул учурда көрсөткүч жогору болсо анда спортсмендин мүмкүнчүлүгү чоң деп эсептелет. Мындай мелдеште жаштардан болсун, чондордон болсун Аббясовго тең келүүчүлөр сейрек кездешет. Ошондуктан анын талантынын ачылуусун, өз ыкмасын табуусун адистер токтоолук менен күтүп келишти.

Эки аттап секирүүдө 16 метрдин чегинен ашкан соң Шамиль узундукка секирүү боюн-

ча машыга баштады. Буга СССРдин рекордсмени, Олимпиадалык оюндарда күмүш медаль алган СССР спортунун эмгек сиңирген мастери И. Тер-Ованесян себептүү болду. Аббясовдун машыгууларынын бирине катышып олтуруп тажрыйбалуу мастер уландын мүмкүнчүлүгү чексиз жана ал өлкөнүн олимпиадалык ишеничи болот деген пикирин айтты.

Тажрыйбалуу мастер жаңылышпаганы эмитен эле айкын-ачык көрүнүп турат. Лев Матвеевичтин күндөлүк контролдугу, пайдалуу кеңештери жана секирүүнүн бул түрүндө илимдин жетишкендигин билгич пайдалануу Шамилдин мүмкүнчүлүктөрүн толук болбосо да улам көбүрөөк шарт түзүп жатат. Ал акырындап болсо да ишенимдүүлүк менен өз рекорддоруна сантиметрлерди, дециметрлерди кошууда. Бүгүн Аббясов өлкөбүздөгү гана эмес Европадагы, ал турсун дүйнөдөгү эң мыкты спорт чеберлеринен болуп калды.

Шамилдин кийинки эки жылдын ичинде жетишкен көрсөткүчтөрүн талдап көрөлү. Алар анын туура жолдо баратканын, андан дагы жогорку натыйжаларды күтүүгө бардык негиз бар экенин далилдеп турат. Спортсмен мелдештерге сейрек катышат. Бирок, ар бир стартта өздүк жана республикалык рекорддорду, жеңиштүү секирүүлөрдү көрсөтүүгө даяр.

Эки аттап секирүүнү жөнөкөй чуркап секирүүгө айкалыштырып машыга баштаганы анын ички энергетикалык потенциалынын жаңы булактарын ачкандай болду. Секирүүнүн бир гана түрү менен машыгуу күн өткөн сайын күчүнө кирип, улам өркүндөп жаткан жигитке аздык кылгандай көрүнөт. Азыр Шамиль Бүткүл союздук мелдештерде секирүүнүн эки түрүнөн кээде жарыша, кээде алмак-салмак катышып келатат.

СССР элдеринин VII жайкы спартакиадасы болгон жылы ал эки аттап секирүүдө 16м. 38 см. натыйжаны көрсөткөн болучу. Ал эми

жөн секирүүдө көрсөткүч жупуну эле болду— 7 м. 40 см. Бул Бүткүл союздук аренанын деңгээлинде баалаганыбызда. Республикада болсо алдыңкы экени талашсыз. Олимпиадалык жылда путевкага ээ болуу үчүн саналуу сантиметрлер жетпей калды. 16 м. 54 сантиметрге дагы 10 санитиметр кошкондо Шамиль Олимпиадалык сыйлыктар үчүн ат салышмак. Бирок, бул санитиметрлер нечен күч, маңдай тер талыкпаган аракеттер менен жетишилет эмеспи. Ал эми эмгектен Аббясов качкан эмес, качпайт да. Мына далил 1980-жылды жердешибиз 7 м. 97 сантиметр көрсөткүч менен жыйынтыктады. Бул ага узундукка секирүүнүн эки түрүнөн тең өлкөнүн курама командасынан бекем орун алууга мүмкүндүк берди.

1981-жыл таланттуу спортсмендин өмүрүндө алгачкы рекорддук көрсөткүчкө жетишкен кырдаал катары түбөлүк сакталат. Шамилдин дагы көптөгөн жолу рекорддорду багындыра тургандыгында ишеним чоң. Бирок, канткен менен, алгачкы дүйнөлүк рекорд кайдан эстен чыксын.

Франциянын Гренобль шаары. Европанын эң мыкты жеңил атлеттери мында кышкы чемпионатка чогулушкан. СССРдин командасынын составында биздин Аббясов эки аттап секирүү боюнча мелдешке катышууга катталган. Жеңил атлетикалык манеждин трибуналарынан орун алган миңдеген көрүүчүлөр үчүн гана эмес, көптөгөн адистерге ал азырынча бейтааныш. Секирүүчүлөрдүн ысмын ирети менен атаганда Кыргызстандын рекордсменинин ысмы эч кимдин эсине токтобой өтүп кетти. Арадан эки саат өтпөй «Аббясов, СССР, Киргизия» деген сөздөр тынбай кайталанып жатты. Континенттин бардык дээрлик өлкөлөрүнөн келген жеңил атлетиканын билермандарын, күйөрмандарын таңдандырып, кызыгуусун арттырган Шамилдин үчүнчү аракеттеги секирүүсү болду. Диктор өзгөчө толкунануу менен: «17 метр 30 сантиметр!

Мелдештин эң жогорку көрсөткүчү, жабык имараттар үчүн дүйнөлүк жаңы рекорд!» деп жарыя кылды. Анан бул кубанычтуу жаңылык дагы бир нече жолу кайталанды.

— Бул чемпионаттагы мен үчүн эсте каларлык окуя рекорддук секирүү, чемпиондун алтын медалы эмес, Мекенимдин Кызыл Туусуна сыймык менен көз жүгүртүп, СССРдин гимнинин күүсү астында бүтүндөй залдын жымжырт, чоң салтанат менен орундарынан какайып турганы болду. Спортсмен үчүн эң кымбаты, маанилүүсү ушул экен,— деп эскерет унутулгус январь айындагы бул чемпионатты.

Адаттагыдай, эми чуркап келип узундукка секирүүдө мелдешүү кезеги келди. Германиянын Демократиялык Республикасынын жана СССРдин жеңил атлетика боюнча курама командаларынын матчтык жолугушуусунда Шамиль 8 метр 8 сантиметр натыйжаны көрсөттү. Бул көрсөткүчтүн чоң мааниси мелдештеги ийгилик гана эмес, белсемдүү бир чектен өтүү. Рекордсмен үчүн мындай чек 8 м. болучу. Ар бир иште өзүнүн эң кыйын чекити, ашуусу болот эмеспи. Андан өткөн соң шыдыр жол ачылгандай болот. 1981-жылга дейре ал 8 метрге чейинки чек менен каарман кармашты. Анда жеңип чыкты. Эми алдыда 9 метрге чейинки чек турат. Бул чектен дүйнөдө эч ким өтө элек. СССРдин рекордсмени И. Тер-Ованесян 8 м. 35 см. менен токтоду. Бирок, ал Аббясов бул чектен оңой өтө тургандыгын баса көрсөткөн болучу. Мүмкүн ал акыйкатты айткан чыгар. Албетте, акыйкатты айткан. Ага ишеним чоң.

Аббясов азыр 24 жашта. Күчүнө толуп турган мезгили. Олимпиадалык оюндардын эки аттап секирүү боюнча үч жолу чемпиону В. Санеев акыркы алтын медалын 32 жашында жеңип алган. Шамиль болсо чабуулду кеч, бирок ишенимдүү баштады. Алдыда дүйнөнүн кубогу, нечен чемпионаттар, XXIII

олимпиадалык оюндар келатат. Алар жаңы жеңиштин кубанычын алып келери талашсыз.

Кыргызстандын жеңишчил триосуна: СССРдин эмгек сиңирген мастери Татьяна Колпаковага, СССР спортунун эл аралык класстагы мастер Шамиль Аббясовго СССРдин эмгек сиңирген машыктыруучусу Лев Матвеевич Эльтерман менен биргелешкен ынтымактуу, чыгармачылык эмгектеринин үзүрүн көрүп, спорттук жаңы чоң жеңиштерди жаратууларын, советтик спорттун туусун дагы жогору көтөрүүлөрүн каалайбыз.

Силерге жеңиштүү старттар, кымбаттуу жердештер!

КУРЧ РАПИРА

Өлкөнүн спорттук дүйнөсүндө Фрунзе шаары төрт ордендүү Кыргызстандын борбору катарында гана эмес, мушкетерлор шаары катары кеңири маалым. Бул наамга ал өзүнүн көп сандаган фехтование чеберлеринин Бүткүл союздук, эл аралык аренадагы жетишкен айтаарлык жеңиштери менен татыктуу болгон. Фрунзе шаарынын уландар арасында шпага менен сайышууда дүйнөлүк биринчиликте күмүш медаль менен сыйланып, анан СССРдин Кубогун жеңип алган, эки жолу олимпиадалык оюндарда күч сынашкан Александр Абушахметов, жаштардын дүйнөлүк чемпионатынын каарманы, өлкөнүн кубогуна эки жолу ээ болгон, СССР элдеринин спартакиадасында кичине алтын медалга жетишкен Владимир Донин, кечээ эле дүйнөлүк биринчиликтен командалык жеңишке чоң салымын кошуп кайткан, рапира боюнча СССРдин кубогуна татыктуу болгон рапирачы Юрий Лыков, Бүткүл союздук жана эл аралык мелдештерде байге алышкан Ринат Искаков, Минулла Сафин, Вера Тимченко жана ушулар сыяктуу көптөгөн таланттуу спортсмендер тарбия алып чыгышты.

Биздин фехтование чеберлерибиздин, алардын ичинде рапирачыларды атаганыбызда Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген машыктыруучусу, ушул азыр да республиканын рапира боюнча курама командасынын улуу машыктыруучусу Ирек Исмаилович Мустафин көз алдыга биринчи катарда тартылат. Куралдын бул түрүндөгү ийгиликтерибиздин бардыгы анын ысмы, тарбиячылык ишмердиги менен тыгыз байланыштуу.

— Дегинкисин фехтованиени өнүктүрүүдө, биз сыяктуу машыктыруучуларды тарбиялоодо Александр Александрович Дизендорфтун баа жеткис салымын адегенде эскертүүбүз тийиш. Өзгөчө шпаганын чоң чеберлерин бапестеп өстүрүүгө ал теңдешсиз салым кошту. Рапирачылар болсо, кийин жаштардын, жаш машыктыруучулардын колунда калды. Ошондой болсо да биз тажрыйбалуу тарбиячынын педагогиялык илимдердин кандидаты, фехтованиенин белсемдүү адиси Александр Александровичтин күндөлүк жардамын, баалуу кеңештерин алып турдук. Аттиң, Дизендорфту кайра Фрунзеге алып келер болсокчу. Анда биздин ийгиликтерибиз дагы чоң, келечегибиз камсыз болмок,— дейт Ирек Исмаилович.

Мустафиндин спорттук өмүр баяны менен тыгызыраак таанышуу фехтованиенин, атап айтканда, рапирада сайышуунун биздин жергебизде өнүгүшү жөнүндө кененирээк түшүнүк берер деген ой менен анын үйүндө болуу өтүнүчүмдү айттым. Ирек Исмаилович бул өтүнүчтү кубанычтуулук менен аткара тургандыгын билдирди.

Биз үч бөлмөлүү квартирада олтурабыз. Кайсы жакка көз чаптырбагын сага фехтование дүйнөсүн элестетет. Мында 60-жылдарда ал кезде Жалал-Абад шаарынан жаңыдан келип, республикалык мелдештерде алгач жеңиштерди жараткан рапирадан тартып, чейрек кылымдык өмүр жолунда фехтованиеде

өзү жана анын шакирттери жетишкен жеңиштердин далилдери бар.

— Фехтованиеде машыга баштаган жылдарым, биринчи кадамдарым эстен кетпейт. Жалал-Абаддын бүгүнкү шарттарын көрүп, эми мында фехтование тап-такыр өнүкпөй жаткандыгына, ал турсун секция да жоктугуна аябай өкүнөм. Мен 1956-жылы Владимир Степанович Баевден рапирада сайышууну үйрөнүүгө келгенимде шаарда азыркы заңгыраган спорт залдарынын бири да жок болучу. Чакан бөлмөдө машыктыруучубуз Владимир Степанович өз тегерегине мен сыяктуу он чакты балдарды топтоп, анан республикалык мелдештерде борборубуздун өкүлдөрү менен биринчилик үчүн тең таймашчу болдук.

СССР элдеринин алгач жайкы спартакиадаларында курама команданын теңин дээрлик республикабыздын түштүгүнүн мушкетерлору түзүүчү. Мына ошол жаштар 1959-жылы экинчи спартакиадада жетинчи орунду ээлеген. Албетте, жаштар арасында. Ал кезде жаштар жана чоңдор айрым мелдешүүчү. Команда толугу менен жалалабаддыктар болучу.

Фехтование жолундагы биринчи жеңишим эстен кетпейт. Физкультура институтуна өтүүнү дегдеп жүрөм. Республиканын кубогу үчүн мелдеш болуп калды. Өз оюмда анда ийгиликке жетишсем институтка экзаменди алдын ала тапшырып койчудаймын. Ошондой эле болду. Бул ийгилик өз адистигимен (кайсы институтта болбосун негизги адистик бар эмеспи) жогорку бааны камсыз кылды. Бул 1958-жыл болучу. Күзүндө болсо Вильнюска СССРдин кубогуна жөнөп кеттим. Анда рапира боюнча мелдештин катышуучуларынын жоон ортосунан орун алдым. 18 кишиден мага 10-орун тийди. Бул мен үчүн чоң ийгилик болучу.

— Кайсы жылга дейре мелдешке катышып жүрдүңүз?

— Айтор, 1969-жылга дейре Бүткүл союз-

дук таймашууларда чоң байге албасам да республикада биринчилерден болчумун. Бирде кубокту жеңсем, бирде чемпион болдум. Кыскасы, курама командanын составынан чыкканым жок.

— Машыктыруучулук кесипти качан баштадыңыз?

— Институтту бүткөн соң такай болбосо да анда-санда жаштар үйрөнчүктөр менен иштеп жүрдүм. Александр Александровичтин машыгуу өткөрүү ыкмаларына көп назар салуучумун. 1965-жылы алгачкы бир топ балдарды өз алдымча машыктырууга бел байладым. Алардын ичинен Валерий Лейер, Валерий Виноградов, Ефим Шкоп мастерлик нормативди толтурушту. СССР элдеринин жайкы IV спартакиадасында жаштар арасында 6-орунду ээлешти. Бул чоң ийгилик болучу.

1966-жылдан рапира чеберлеринин жаңы мууну тарбиялана баштады. Республикабыздын айрым рапирачыларынын жана курама командасынын айтаарлык ийгиликтери ата мекенибизде, мындай деп айтуу апыркандык эмес, фехтованиени өткөрүүгө кошкон салым мына ушул жаңы муундун спорттук жолуна тыгыз байланыштуу. Ал муунду негизинен Александр Демченко, Ринат Искаков, Виталий Додис, Вадим Дмитриев, Василий Войченко, Юрий Лыков сыяктуу сыналган фехтование жоокерлери түзөт. Булардын ичинен Юранын басып өткөн жолу өзгөчө көңүл бөлүүгө татыктуу. Ал жөнүндө аңгеме айрым болот. Ал эми калган жигиттеribиздин жүрөк жылытаарлык, республикда фехтованнеенин өнүгүшүнө сезилерлик из калтырган эмгектери бар.

1973-жыл. Юрий Лыков. Ринат Искаков. Виталий Додис жана Александр Виноградовдон турган кыргызстандык квартет жаштар арасындагы Бүткүл союздук биринчиликке алгач жолу катышып жатышат. Бул 16—17 жашар уландарга көңүл бурган да киши жок. Андан мурда финалдан республикабыздын

өкүлдөрү эч качан орун алышкан эмес да Эми алатоолук квартет финалга чыкмак тур сун, анда да үч командадан аттап өтүп, кол медалдын ээлери болушту. Бул адистер тара бынан кокустук катары бааланды. Кийинки жылы Алма-Атада мектеп окуучуларыны Бүткүл союздук XIII спартакиадасында Ри нат, Вадим жана Виталий кайрадан команда лык бронзаны, Искаковдун өзү болсо күмүш сыйлыкты жеңип алган соң Кыргызстандын рапирачылары жөнүндө күчтүү атаандаш, жөндөмдүү команда катары угуза айтууга мажбур болушту.

1975-жылы Вера Тимченко менен Ринат өлкөнүн жаштар курама командасынын составына алынды. Искаков эки жылы катары менен жаштар арасында дүйнөлүк биринчи ликте СССРдин курама командасынын ката рында жогорку сыйлыкка татыктуу болду. 1976-жылы Румынияда өткөрүлгөн социалист тик өлкөлөрдүн жаш рапирачылардын тур ниринде ал жекече мелдеште экинчи болду.

Ушул жылдары Юрий Лыков кайрадан ко мандага кошулуп, анын лидери болуп калды. Мындан кийинки жеңиштүү беттешүүлөр, Бүткүл союздук аренадагы үмүттөндүрүүчү ийгиликтер анын ысмы менен айкалыш. Юра нын фехтование жолунда басып өткөн жолу биздин жаштар үчүн үлгү боло турган жол. Эгер бүгүн Лыков дүйнөлүк аренага таа нылып, эң жогорку наамдарга жетишип ол турса, анда ал кандайдыр өзгөчө таланттын, ченемсиз жөндөмдүүлүктүн аркасынан эмес. Эмгекчилдиктин, туруктуулук менен бардык кыйынчылыктарды жеңе билүүнүн, койгон максатка жетишүүдө майтарылбас эрктин жемиши.

— Мен фехтованиеге 11 жашымда келдим. Эч тайсалдабастан рапираны тандап алдым. Биринчи келген күндөн тарбиячым Ирек Ис маилович болду. Бүгүн ал да мени өзгөчө та ланттуулардын катарына кошпойт. Андай болгондо бүгүнкү ийгиликтерим кеминде 3—4

жыл илгери жаралмак. Жалаң эмгек менен жетишилген чеберчилик узакта келет эмеспи. Бирок, ишенип коюңуз, бул бекем, негиздүү чеберчилик болот. Дагы айтаарым, аны талыкпастан чыңдап, бекемдеп туруу зарыл,— дейт Юрий Владимирович өзүнүн спорттук тажрыйбасына токтолуп.

Муну Ирек Исмаилович да ырастады, — Бизде спорттук сезон жылдын эң чоң мелдеши менен корутундуланат. Бул олимпиадалык оюндар, дүйнөлүк чемпионат, СССР элдеринин спартакиадасы. Анан спортсмендер бир жарым ай дем алууга чыгат. Машыгуу дээрлик болбойт. Жылдын акыркы күндөрүндө өткөрүлгөн СССРдин кубогу үчүн мелдеш келерки жылга курама командага кандидаттарды аныктоого арналат. Юранын мына ушундай мезгилде бир ай болсо да дем алганын көрө элекмин. Такыр машыгуусуз калганы эсимде жок. Колунда куралы болбосо да жалпы дене тарбияны таштабайт,— дейт Мустафин.

1966-жылдын күзү болучу. Ирек Исмаиловичтин мандайында биринчи байкоодо олдоксондой, эч нерсеге ийкеми жоктой көрүнгөн арык чырай, бойлуу бала турат. Ал рапира боюнча секцияда машыгууну каалай тургандыгын жана келгенде эле айткан. Анда Мустафин машыгуу өткөрүп жаткан. Жай баракат кийинчерээк сүйлөшөөрмүн, деп койгон.

— Дюманын «Үч мушкетерун» окудуң беле?

— Аны ким окубаптыр.

— Сенин оюнча колуна курал алып салгылашуу тамашабы? Спортто Дюманыкындай болбойт. Спорт күндөлүк эмгек. Же бул жерде үйрөнүп алып, жолдошторуң алдында мактангың барбы? Андай болсо, секцияга катышпай эле кой.

— Жок. Мен спортмен болоюн деген ойдомун.

— Эмне үчүн спорттун башка түрүн тандап албадың? Толуп жатпайбы. Жеңил атле-

тика, футбол, баскетбол, айтор сан жетпейт. Өзүң спорттук оюндарга ылайык көрүнөсүң,— деди машыктыруучу баланы сынамак болуп.

— Эмесе, бойлуу, арык болсо эле спорттук оюнга керекпи. Фехтованиеге андайлар жарабайбы?

— Эмне үчүн, жарайт. Дегинкиси, өзүндүн спорттук оюндарга ылайыктыгыңды айтып жатам. Мейли, фехтованиечи болом десең каршылык жок. Ал эми фехтованиенин кайсы куралын тандап алмаксың?

— Рапираны.

— Рапиранын шпагадан, кылычтан айырмасын билесиңби?

— Анча көп эмес. Телевизордон көрсөтүп жүрбөйбү.

— Болуптур. Макулдаштык. Кайсы класста окуйсуң?

— Бешинчи.

— Сменаңчы?

— Биринчи.

— Эмесе эртең саат беште кел.

Эртеси саат беште Юранын алгачкы машыгуусу башталды. Ал күткөндөй, колуна рапира тийген жок. Ирек Исманлович фехтованиелик куралдардын айырмасын да айтып бербеди. Биринчи, андан кийинки күндөрү да ар кандай көнүгүүлөрдү аткаруу, чуркоо, гимнастика менен өттү. Баланын көзү тигил олтургучтун үстүндө он-тетири жаткан рапираларда, бетке тосо турган маскаларда. Жалпы дене тарбиядан калган убакыт туура турууга, бутту жана колду туура кармоого арналат. Рапиранын ордунда алдыга созулган алаканы.

— Бир кадам алдыга, эки кадам артка, тизеңди ий. Жеңил, жеңил кыймылда. Денең атаандашыңа кырынан, капталыңан көрүнсүн. Денеңди канчалык буруп кармасаң, саюу үчүн чоң бута түзөсүң. Дагы колуң, бутуң, денең куюлушуп, бир ичке тилкени түзүүгө тийиш. Бул көнүгүүнү үйүндө да кайталасаң болот.

Мустафиндин бул буйруктары Юранын кулагына сиңип калды. Ушул күндө да көнүгүү баягы күндөрдөгүдөй башталат. Эми көрсө булар фехтованиенин негизи, түгөнгүс «Алиппеси» экен. Экинчи айга айланганы гана баланын колуна рапира тийди. Ал адеп оор сезилди. Бир паста колу талып кетти. Көрсө, жеңилдик машыгуу менен жетишилет турбайбы. Дагы көбүрөөк машыгуу керек.

Айткандай эле Юра машыгуудан чарчаган жок. Теңтуштарына караганда кеминде жарым саат ашык машыгат. Үйдө ара-чолодо рапираны колуна алып, көз алдына элестеткен атаандашы менен кармашат.

Машыгуусунун кийинки жылы ал өзү теңдүүлөрдөн айырмалануучу болду. Классификациялык мелдештерде биринчиликти колдон чыгарбайт. Үчүнчү жылы шаардык, республикалык мелдештерге катышты. Буларда да жеңиш аны менен жанаша жүрдү. Машыгуусунун биринчи жылын республиканын чемпиондугу менен белгиледи.

Чеберчилиги күн сайын артып, улам жогорку баскычка умтулган улан 1971-жылы Бүткүл союздук биринчиликте кароодон өттү. Алгач сыноодо өтө жакшы даярданган-дыктанбы же жөн эле өз убагында табына келгениненби чечүүчү финалдык беттешүүгө дейре атаандаштарынын бирөө да туруштук бере алышкан жок. Алтын медалга акыркы кадам калганда финалда гана жаңылды. Бирок, бул биринчилик Юрада жакшы камылга менен өз курбалдаштары арасында алдыңкылардын катарында болууга бардык негиз бар экенине ишенимди арттырды. Андан кийинки үч жылдын ичинде да финалдык мелдештерден сыртта калган жок. Демек, такай эң мыкты алты чебердин катарында жүрдү.

1976-жылда Лыков чоңдор арасындагы биринчи күч сынашууда эле адистердин купулуна толду. Төрт жыл бою уландар, анан жаштар арасында эң күчтүүлөрдүн бири ата-

лып жүргөнү бекеринен эмес экен. Өлкөнүн жекече чемпионатында финалга чыгып, коло медаль менен сыйланды. Ушул жылдан тартып Юра СССРдин курама командасынын составындагы ордун колунан чыгарган жок. Бул укук сезондогу бардык мелдештерде көрсөткөн натыйжалардын жалпы жыйынтыгы боюнча берилет. Айтор жалпы сегизинчи орундан артта калууга болбойт.

Олимпиадалык жылдагы мындай көрсөткүч менен ал эмне үчүн Монреалга барбай калды? деген суроонун пайда болушу мүмкүн. Анын себеби, чеберчилиги жетилген менен жалпы дене тарбия жагынан даярдыгы, кыскасы күчү жетишпей жатты. Жекече мелдешке катышкан соң командалык таймашуугa алы калбайт, же тескерисинче. Ошондуктан курама команданын машыктыруучулар совети анын жалпы даярдыгына көбүрөөк көңүл буруп келишкен. Анда командалык жоокердин мүнөзүн тарбиялоого тырышышты. Мунун үчүн да өзгөчө эрк, туруктуулук керек.

1978-жылы борборубуздагы В. И. Ленин атындагы спорт дворецинде өткөрүлгөн СССРдин кубогу үчүн мелдеште күйөрмандар жердешинин мушкетерлук устаттыгын өз көздөрү менен көрүшүп, жогорку бааларын беришти. Бул жолу Лыковдун гана эмес дүйнөнүн үч жолу чемпиону Александр Романьков, келечек олимпиадалык чемпион Владимир Смирновдун жогорку чеберчиликтери менен таанышышты. Мына ушундай атактуу мушкетерлордун катарында Юранын өскөн таланты өзгөчө түс менен жалындап жанды. Ал жердештерин чоң кубанычка бөлөп, рапиранын курч учу менен өлкөнүн кубогуна өзүнүн ысмын жазды.

Дүйнөлүк чемпионатта Лыковду сынга алуучу мезгил да келди. Бул 1981-жыл болду. Январь айында жыл сайын өткөрүлүүчү эң мыкты рапирачылардын мелдешин жеңип чыкты. Апрелде «Киев рапирасы» аттуу эл

аралык чоң мелдеште финалда таймашты. Июнь айында машыгуу жыйыны мезгилинде өткөрүлгөн курама командanын катышуучулары ортосундагы мелдеш дүйнөлүк чемпионатка даярдыкты акыркы кароо болду. Турнир эки күнгө созулду. Лыковдун чыныгы табына толгону ушул жерден көрүндү. Ал Романьковду да, Смирновду, калган өнөктөрүн артта калтырып, биринчи орунду жеңип алды. Сезондун жыйынтыгы боюнча үчүнчү болду.

Клермонд-Ферманддын фехтование жолунда командалык мелдеш жүрүп жатат. Жарым финал. Советтик жана француялык командалардын ортосундагы таймашуу өтө курч мүнөзгө ээ болду. Чымырканuу өзүнүн апогейине жетти. Курама командanын машыктыруучулары Юраны али беттешүүгө чыгара элек. Эсеп тең. Чечүүчү таймашуу. Бир аз кеңешүүдөн кийин француялык Бенонго каршы Өзбекстандын мастери Рузиевдин ордуна Лыковду чыгарууга чечим кылынды. Бул опурталдуу экени даана көрүнүп турат. Бир чети Юра запаста отуруп «суунуп» калды. Финалда бир да жолу беттеше элек. Экинчи жагы ал күчкө толуп турат. Мелдештин ээлеринин — француялык рапирачылардын жогорку устаттыгы баарыга маалым. Юра солк этсе эле жеңиш колдон чыкканы турат. Ушундай жооптуу учурда анын куралынын мизи жаздым кеткен жок. Чыныгы жоокердик сапаты көрүндү. Адегенде атаандашына чабуул коюуга мүмкүндүк берип, аны эпчил коргонуу жана таамай каршы чабуул менен тосуп жатты. Бул тактика өз жемишин берди. 1:0. 2:0. Үчүнчү ийгиликтүү чабуул Бенондун сабырына май тамызгандай болду. Уттуруп жаткан соң тобокелге салды. Лыков буга даяр. Бир, эки таамай саюудан кийин жеңиши камсыз болду. Финалда биздин жигиттер Германиянын Федеративдүү Республикасынын командасын оңой эле утту. Буга да фрунзелик эл аралык мастер өз салымын кошту.

Бул жеңиш Лыковго жалгыз гана чемпион-

дук наамды алып келген жок. Ал ага ишеничти бекемдеди. Эң татаал кырдаалда ага ишенүүгө мүмкүн экендигин ырастады. Олимпиадалык үмүтүн арттырды.

Кантсе да спортсмендин ыйык максаты олимпиадалык оюндарга катышуу. 26 жаштагы дүйнөнүн чемпиону Юрий Лыковдун максаты да ушул. Бирок, ага чейин дагы үч жыл бар. Лос-Анжелоско чейинки үч жылдык узак жолду мүдүрүлбөстөн, күн сайын өргө адымдаган чеберчиликтен куралын ширеткен азаматтар гана олимпиадалык путевканын ээси болушат. Ушул үч жылдын ар биринин жалпы жыйынтыгында бешинчи орундан артка чегинүүгө жол жок.

— Менин быйылкы дем алуумду теңинен кыскартканымдын себеби да ушунда. Ирек Исмаилович экөөбүз келерки жылдын камын көрө баштадык. Аракетибиз текке кетпейт деп ойлоймун,— деди Юра машыгуу жыйынына— Кара-Балта шаарына жөнөөгө даярданып жатып.

Ушул кезге дейре экөөнүн ынтымактуу эмгегинен жаралган жеңиштүү адымдар олимпиадалык Лос-Анжелоско алып барарына биз да ишенебиз.

ӨЗГӨЧӨ УЧУР

Беш күндүк алп урушкан атаандашуу артта калды. Жекече жана командалык чемпионаттын жыйынтыгы чыгарылган. Ар ким жана ар бир команда бул чоң эрдикти, чыдамкайлыкты талап кылган татаал мелдеш ээлеген ордун билет. Татаал деп мен атайылап айтып жатам. Анын жүйөсү бар. Спорттун беш түрү боюнча мелдешти башкача баалоого да болбойт. Бекеринен спорттун бул түрүнөн чеберлерди беш сапаттын каармандары деп аташпайт. Ат үстүндө татаал тоскоолдуктардан өтүп, шпагада мыкты сайышуу, пистолет менен таамай атуу, суудан ылдам сүзүү жана кростук жарышта күлүктүк-

тү көрсөтүү ар кимдин колунан келе бербейт да. Спорттун мына ушул беш түрү боюнча мелдеш беш, кээде алты күнү жүргүзүлөт.

1981-жылдын жаштар арасында дүйнөлүк жекече жана командалык чемпионаты бир нече минутадан кийин жабылат. Батыш Берлиндин спорттук базаларында дүйнөнүн бардык континенттеринен келген спорттук беш сапаттын жаш каармандары жогорку чеберчиликтин кыйын сыноосунан өтүштү. Фанфарлардын үнү угулаар менен жанатан биринебири кезек бербей өз пикирин айтууга шашып жаткан көп сандаган күйөрмандар, таймашуунун турнирлик оор жүгүнөн бошонуп, ээлеген ордуна, жетишкен көрсөткүчүнүн деңгээлине карабай өзүлөрүн жеңил сезишкен спортсмендер, бири ийгиликке кубанып, экинчиси шакиртинин өз мүмкүнчүлүгүн толук көрсөтө албаганына бушайман болгон машыктыруучулар жымжырт боло калышты. Кандайдыр үнсүз командага баш ийгендей бардыгы ардак тепкичине алып баруучу жолду бошотушту...

Ардак тепкичинин жанында үч команда турат. Ортодо, демек эң жогорку тепкичтин тушунда күрмөлөрүнүн көкүрөгүндө СССРдин герби жаркыраган, көңүлдөрү шаттуу үч жигит тизилген. Булар командалык мелдештин жеңүүчүлөрү, былтыркы XXII Олимпиаданын чемпиону, СССР спортуна эмгек сиңирген мастер душанбелик А. Старостин, СССР спортунун эл аралык калсстагы мастерлери москвалык А. Хапланов менен жердешибиз Ю. Хоришко. Мына алар ардак тепкичине көтөрүлдү. Калган эки тепкичтин ээлери да өз орундарын алышты. СССРдин мамлекеттик гимнинин салтанаттуу күүсү астында флагштокко мекенибиздин кызыл жылдыздуу, орок балкалуу кызыл туусу желбиреп көтөрүлдү. Диктор чогулгандарга чемпионаттын каармандарынын ысмын дагы бир жолу атады. Ю. Хоришкого келгенде бир аз токтолуп, анан чемпионаттын эң кенже катышуучула-

рынын бири деп кошумчалады. Ансыз деле командалаш өнөктөрүнүн гана эмес, калган спортсмендердин арасында ал өтө жаш көрүнөт.

Сыйлоолор аяктап, көрүүчүлөр таркай баштаганда Анатолий Старостин Юрийди далыга кагып:

— Мына чемпиондук эстафетаны колуңда бекем карма. Биз аны сага тапшырабыз. Алексей экөөбүз тең жаштардын чемпионатына акыркы жолу катышып олтурабыз. Сага дагы эки жыл катышууга болот. Эми 19 жашка келдиң. Ишеничтүү, татыктуу бол. Лидерлик, жаштар арасындагы лидерлик колуңа тийген соң мурдуңду көтөрбө. Ооба, спорттук даңк деген өтө оор жүк. Аны көтөрүп жүрүү да ар кимдин эле колунан келе бербейт. Муну команданын атынан, анын капитаны катары айтып жатам. Өз атымдан болсо, азыркыдай аракетчилдигиңден танба. Канчалык туруктуу машыксаң, өзүңө аёосуз болсоң ийгилик сага жакын болот. Муну өз тажрыйбамдан жакшы баамдадым,— деди.

Олимпиадалык чемпиондун жаш өнөгү жөнүндө пикири орундуу. Юрий 19 жашында дүйнөнүн чемпиону деген наамга дал ошол аракетчилдиги, тартиптүүлүгү, тырышчаактыгы аркылуу жетишип олтурат. Ал спорттук ийгиликтерди чынында да мөөнөтүнөн мурда, алдыга озуп жаратууда. Ар дайым окуяны шаштырып, 1—2 жыл мурда келүүнү адат кылып алган.

Демейде спорттун беш түрү боюнча машыгууга балдар башка секцияларда алгачкы даярдыкты өткөн соң, спорттук разряддарга ээ болуп келишет. Көпчүлүгү суучулдар, кээде фехтование боюнча дасыкандар да кездешет. Сууда сүзүү адатта балдарга ар тараптан өнүгүүгө мүмкүндүк берет. Дем алуу органдары, көкүрөк клеткасы жакшы өнүгөт. Юра болсо 1974-жылы 12 жашында «Алга» ыктыярдуу спорт коомунун алдындагы спорттун беш түрү боюнча адистештирилген спорт

мектебине эч кандай атайын даярдыксыз эле келди. Дене түзүлүшү, бою же башка өзгө сапаттарга да ээ эмес болучу. Орто бойлуу, миндеген, он миндеген өзү сыяктуу курбалдаштарындай эле эч нерсе менен айырмаланбаган бала.

Хоришкону алгач күндөн өз тобуна алып машыктыра баштаган, ушул азыр да машыктыруучулардын тобун башкарып келаткан Вячеслав Иванович Гараниндин айтуусуна караганда кантсе да өзгөчөлүгү бар болучу.

— Биринчи күндөн ушул убакка чейин Юранын себепсиз машыгуудан калганы эсимде жок. Деги бир да жолу машыгуудан кала элек. Тарбиячы катары мени кубандырганы анын жогорку тартиптүүлүгү. Ооба, жогорку тартиптүүлүгү. Муну менен мен анын жүрүштурушу жөнүндө гана айтып жатканым жок. Бул баанын маниси өтө кенен. Тартиптүүлүк деп анын кулк-мүнөзү, берген тапшырмага мамилеси, аны өз убагында жогорку сапатта аткарууга ынтаасы, пунктуалдуулугу деп түшүнөм. Юранын аткаруучулук жөндөмдүүлүгүнө таң каласың. Жети жылдын ичинде берилген тапшырманы аткарбай калган учурун эстей албаймын. Жок. Муну силерге азыр мени менен бирге эмгектенип жаткан сууда сүзүүнүн машыктыруучусу Ильгиз Улумбеков, ат үстүндө жүрүүнүн адиси Камыл Абдукадыров да ырастайт.

Секцияда машыга баштаганынын алгачкы айларынан эле Юра фехтованиеге көбүрөөк кызыгуучу болду. Анын мындай ынтаасына Вячеслав Иванович ичинен ыраазы болуп жүрдү. Себеби, фехтование менен ат спорту биздин спортсмендер үчүн ар дайым өтө алгыс тоскоолдук, кыйын чек болуп келген. Азыр да ошондой. Эгерде спорттун мына ушул эки түрүнөн чеберчилигин арттыра алса, эл аралык деңгээлге көтөрүлсө, бизде олимпиадачылар алда качан өсүп чыкмак. Кыргызстандын спорттун беш түрүн өткөрүүдө өлкөдө салымы сезилээрлик, СССР элде-

ринин спартакиадасында байге алган, жаштар арасында Европанын жана дүйнөнүн чемпиону болгон чеберлерибиз бар. Бирок, алар алдыга өнүгө алган жок. Москвадагы XXII олимпиадалык оюндарга путевка алууга Александр Таревге фехтование гана тоскоолдук болду. Мындай мисалдар көп.

Хоришконун бул умтулуусу бардык машыктыруучуларды спорттук чоң келечекке үмүттөндүрдү. Машыга баштаганына эки жылга айланганда ал жыл сайын Алма-Атада өткөрүлүүчү кенже спортсмендердин спорттун төрт түрү боюнча кышкы турниринде дебют жасады. Мында биринчи орунду жеңип алуусуна, баарыдан мурда, фехтование боюнча жакшы даярдыгы өбөлгө түздү. Турнирге катышуучулардын арасында ал мушкетер катары айырмаланып турду. Ал эми сууда сүзүүдө, таамай атууда жана чуркоодо курбалдаштарынан кем калган жок. Мында Юра өзүнүн алгачкы спорттук жеңишин жаратты. Келечек жылдары Алма-Ата анын дагы чоң ийгиликтеринин шаары болуп калды.

— Мен үчүн Алма-Ата ар дайым жаңы ийгиликтердин дагы жогору өркүндөөнүн старттык аянтчасындай сезилет. Сезонду мында баштаган жылым дайыма мен үчүн кубанычтуу аяктайт,— дейт Хоришко.— Менин спорттук өмүр баяным бул шаар менен тыгыз байланыштуу.

Айткандай эле, 1976-жылы Юра жайында Куйбышев шаарында болуп, жеткинчектердин матчтык беттешүүсүнө катышып, жакшы артыкчылык менен жеңип чыкты.

Арадан эки жыл өттү. Ал спорттук биринчи разряддын нормасын толтурду, мастерликке кандидаттын нормасын такактап барды. Спорттун беш түрү боюнча чеберлерди даярдоодо бул өркүндөө этабы деп аталат да машыгуу атайын адистер тарабынан өткөрүлө баштайт. Бул учурда спортсмен менен үч, төрт, кээде беш машыктыруучунун да иштеши мүмкүн. Мектептин педагогиялык совети Юра

менен үч эле машыктыруучунун: чуркоодо, таамай атууда жана фехтованиеде — Гараниндин, сууда сүзүүдө — Ильгиз Алимович Улумбековдун ат спортунда Камыл Убайдуллович Абдукадыровдун иштөөсүн туура тапты. Алардын экөө спорттун мастерлери. Вячеслав Иванович спорттун беш түрү боюнча республиканын курама командасынын составында көптөгөн мелдештерге катышкан. Абдукадыров болсо ат спортунун үч түрү боюнча СССРдин чемпионатында С. Мурсалимов, Н. Чернов менен бирге командалык биринчи орунга жетишкен. Улумбеков сууда сүзүүдөн республикадагы тажрыйбалуу адис деп эсептелет.

Бул үч машыктыруучунун эки жылдык дилгир эмгеги 1978-жылдагы жаштар арасында өлкөнүн биринчилигинде алгачкы чоң сыноодон өттү. Кайрадан Алма-Ата. Юрага гана эмес, биздин машыктыруучуларга жакшы тааныш спорт базалары. Адаттан тышкаркы көрүнүш — биринчиликтин катышуучуларынын эң кенжеси Юрий Хоришко, «Баланын сезин эртерээк алып, спорттон алыстайын дединби? Деги акыл-эсиңер жайындабы?» дегендер да болду.

— Мелдеш көрсөтөт. Балапандар күзүндө саналат эмеспи,— деген гана кыска жооп берилип жатты.

Мелдеш мурдагыдай фехтованиеден башталды. Юраны жашы жете элек балапан деп теңине албагандар ушул жерден өз кешигин алды. Алгач атаандаштары бүркөмгө келбей жатты. Бара-бара ага токтоо карап, жооптуулук менен сайыша баштады. Кайдан, очколордун запасы биринчи күндү жогорку көрсөткүч жана биринчи орун менен аяктоого мүмкүнчүлүк берди. Ушундан тартып ал чемпионаттын катышуучулары үчүн көзөмөл болуп калды. Программанын калган төрт түрү Юранын лидерлик абалын кебелте алган жок. 16 жаштагы Хоришко биринчи орунду жеңип алды. Эреже катары чемпиондорго

СССР спортунун мастери деген наам берилет. Бирок, бул үчүн спортсмен 17 жашка толуу керек. Арада дагы бир жыл бар. Жобону түзгөндөр мындай учурду эске албаган окшойт. Анан деги 16 жашында өлкөнүн чемпиону болот деп ким ойлоптур. Судьялык коллегия, спорттун беш түрү боюнча СССР Федерациясынын өкүлдөрү атайын өзгөчөлүгүн эске алып Юрага мастерлик наам берүүгө чечим чыгарышты. Ал турсун аны СССР-дин жаштар курама командасынын кандидаты кылып катташты.

1979-жылдагы биринчиликте фрунзелик улан болгон жок. Юра өлкөнүн курама командасынын катарында «Достук» эл аралык турниринде даярдык көрүп жатты. Жашы толо элек спортсменден командалык мелдештердин бардыгына катышууну талап кылуу мүмкүн эмес эле. Румыниядан Хоришко командалык жеңиштин байгесине ээ болду.

Соңку жылы жаш мастер жаштар курама командасына кандидаттарды тандоо максатында жыл сайын жазында Ригада боло турган мелдешке чакырылды. Анда алдыңкы 6 орун негизги составга, дагы төрт орун кандидаттыкка укук берет. Мында тандалып алынган спортсмендер атайын машыгуу жыйындарында такшалуусун улантат. Ар кимисинин жөндөмдүүлүгү кайрадан кылдат тразага салынат. Даярлыгын начарлаткандар составдан чыгарылат. Эч кандай чымыркануусуз төртүнчү орунду ээлөө Юранын жөндөмүүлүгү улам артып жаткандыгын көрсөттү. Анын өнүгүүнүн туура жана ишенимдүү жолунда экендигинде күнөм калган жок.

Машыгуу жыйындары өлкөнүн эң мыкты спорт базаларында өткөрүлүп, спортсмендердин жаңы шартка көнүгүүсүнө кызмат кылат жана, образдуу айтканда, чеберчилигин жогорулатуунун курсу болуп эсептелет.

— Таамай атуу, сууда сүзүү, фехтование бардык жерде дээрлик бирдей. Ал эми атта жүрүүнүн шарты, кросстук чуркоонун релье-

фи ар жерде ар башка. Бизге мүмкүн болушунча ар башка ат менен тоскоолдуктардан өтүүгө көнүгүү зарыл,— дейт, Хоришко. — Ат спортунун чеберлеринде иш башкача. Алар өзүлөрү нечен жылдар бою даярдаган, бирин-бири эң жакшы түшүнгөн ат менен чыгат. Бизчи? Мелдешке кандай ат тиерин акыркы күнгө дейре билбейсиң. Чучу-кулак кармашуу сени багыңа кайсы атты жазып коёрун кайдан билесиң. Ийкемдүү, башкарууга элпек аттар болот. Анда сенин багың. Болбосо... Ооздукка катуу, кежир аттар туш келсе көргүлүгүндү колуңа берет. Адамдардай эле жылкы да ар башка болот экен. Ошондуктан мүмкүн болушунча ар башка атта машыгып үйрөнгөн оң. Биздин мектептин карамагында эле канча түрлүү ат бар. Кыйынына даяр болгонуң оң го. Мелдешке катыша баштаган аз эле жылдын ичинде буга ынандым. Негизгиси, жылкы сенин бошоңдугуңду сезүүгө тийиш эмес. Ал да күчтү, эрктүүлүктү тааныйт.

Өлкөнүн жаштар арасында чемпионаты Краснодарда болду. Ага ар бир республиканын курама командасы катышты. Мелдеш жекече жана командалык мүнөздө. Кыргызстандын спорттук намысын коргоого Юра менен бирге Игорь Фельдман менен Сергей Ушенко чыгышты. Экөө тең андан улураак, спорттун мастерлери. Беш күндүк таймашуунун натыйжасында биздин уландар командалык биринчи орунда. Хоришкого дагы бир сыйлык — жекече биринчиликте күмүш медаль тапшырылды. Бул ийгилик анын ордун бекемдөө менен бирге Игорь үчүн курама команданын «эшигин» ачты.

1981-жылдын сезону кайрадан бактылуу Алма-Ата шаарынан башталды. Мында ар жылы жазда чондор арасындагы эл аралык мелдеш өткөрүлөт. Ага социалисттик өлкөлөрдүн мыкты спортсмендери чакырылат, СССРдин курама командалары кышкы машыгууларын корутундулашат. Жекече биринчи-

ликке чакырылган спорт чеберлери да болот. Демейде мындай спортсмендерден жогорку көрсөткүчтөрдү күтүшөт. Хоришко да ушул максаттан чакырылган болучу.

Фехтование, ат менен тоскоолдуктардан өтүү, сууда сүзүү, пистолетте таамай атуу менен алмашылып жатты. Программанын чечүүчү түрү болгон жеңил атлетикалык кросс алдында Юра өзүнүн негизги атаандаштарынан 100 очкодон көп чыкты. Кросстон кам саноо жок. Бул артыкчылыкты колдон чыгаруу мүмкүн эмес. Дал ошондой болду. Натыйжада мелдештин кенже катышуучусу 605 очко топтоду. Бул спорттук тил менен айтканда гроссмейстрлик сумма СССР спортунун эл аралык класстагы мастеринин нормасынан кыйла жогору. Ал турсун, Алма-Атадагы бул традициялык мелдеште мындай чекке жетишкендер өтө аз. Чоңдор арасында мындай жооптуу турнирдеги дебютун фрунзелик улан биринчи орун менен белгиледи.

Көп узабай командалаш өнөгү Игорь Фельдман менен Болгарияда өткөрүлгөн «Достук» байгеси үчүн социалисттик өлкөлөрдүн жаштар командаларынын мелдешине катышты. Алар ишеничти акташты. Жердештерибиз командалык жеңишке жекече эсептеги биринчи жана экинчи орундар менен салым кошушту. Юрага жогорку сыйлык ыйгарылды. Мындан соң дүйнөлүк чемпионатта командадагы үчүнчү орун Хоришкого артыла тургандыгында эч кимде шек болгон жок.

Батыш Берлинде мелдешти көрүүчүлөр фрунзелик уландын чеберчилигине жогорку баа беришти. Өзгөчө анын фехтованиедеги устаттыгына таң калгандар көп болду. Мында ар бир беттешүүдө атаандашып таамай сайгандыгы үчүн белгилүү сандагы очко берилет. Таймашуу үч минутага созулат. Катышуучулар канчалык көп болсо, очколор ошончолук аз берилет. Мисалы, катышуучулар 100дөн ашкан учурда 2 же 3 очко берилип калышы мүмкүн. Тескерисинче, спорт-

смендердин санына жараша 4—5 очкого да барат.

Чемпионатта Хоришко белгиленген очконун үчтөн экиден кемин алган беттешүү болгон жок. Башкача айтканда, ал уттурбады. 1036 очко топтоо менен мелдештин бул түрүндө биринчи орунга чыкты. Программанын татаал түрү — ат спортунда да өз беделинен түшкөн жок — 1052 очко. Мында 110 очкодон жогору баа болбойт. Сүзүүдө да, таамай атууда да өнөктөрүн колунан келишинче колдоду. Анын жаш өзгөчөлүгүн эстен чыгарууга болбойт. Мына эми дүйнөнүн чемпиону. Бул натыйжа менен Юра СССР спортунун эл аралык класстагы мастери деген наамга татыктуу экенин дагы бир жолу көрсөттү.

— Быйылкы жыл Хоришко үчүн мелдештердеги чоң ийгиликке жетишкендигинин бекем негизи бар,— дейт Вячеслав Иванович.— Ал бардык жагынан жетилип, күчүнө толо баштаганы өзгөчө айкын көрүнө баштады. Мурда ал фехтованиеден айырмаланып турчу. Калган түрлөрдөн анчалык жогорку натыйжаларга жетишчү эмес. Эми таамай атуудан, сууда сүзүүдөн кескин өсүш байкалат. Азыр 300 метрге сүзүүдө (спорттун беш түрү боюнча мелдеште бул өзгөрүлбөй турган туруктуу аралык) жазында эле 3 минута 40 секундалык чекке жетишкен болучу. Батыш Берлинде 3 минута 34 секундага түшүштү. Жыл аягына чейин үч жарым минутадан өтөөрүнө ишенич чоң. Бул кубандыруучу да, үмүттөндүрүүчү да натыйжа. Ат спортунда да ушундай эле өсүштү көрүүгө болот. Дагы эки-үч жыл талыкпай машыгуудан кийин ал республикабызда гана эмес, өлкөдө да спорттун бул түрүндө лидерлердин бири болушу ыктымал. Биздин максат ошол. Оор атлетика, ат спорту сыяктуу эле спорттун беш түрү боюнча мелдешүүдөн да олимпиадалык оюндардын катышуучусу чыга турган мезгил жетти. Ажеп эмес, биринчи олимпиадачы Хоришко болуп калса. Бул ишеничти өлкөнүн жаштар

курама командасынын машыктыруучусу олимпиадалык чемпион Павел Серафимович Леднев да билдирип жатат.

Эмесе сөз кезеги Юранын өзүндө. Ал кандай ой-пикирде экенин, алдыга койгон максатын оозеки эмес, мелдеш майданында көрсөтөөр дейбиз.

АТ ЖАЛЫНДАГЫ ӨМҮР

— Ии, таң атпай дагы кайда даярданып алгансың? Бүгүн майрам экенин унуткарып койдуңбу? — деди Надя ачууланган сып.

— Кайдан унутайын. Эсимделиги үчүн шашып жатпаймынбы. Кечээ эртеден кечке силер менен майрамдадык. Бүгүн тигил балдарымды да куттуктап коёюн да,— деди Сайбаттал тамашага салып. Алар да күтүп калышкан чыгар.

— Бир күнгө чыдап турушар. Карагыгачка бармак эмес белек? — Ооба, барабыз. Мен жок деп жатамбы? Силер эртең мененки тамагыңарды ичип, жасанып-түзөнгүчө келип калам. Анан мен да кийинбейминби? Азырынча ушул жумушчу кийимим менен базага барып келе калайын. Көңүлүм тынчыбай турат. Эртең да дем алыш. Менден кам санабай эле кой, секетиң. Мен жана эле тамактанып алгам. Эмесе мен стартка,— деди Сайбаттал эшикке бет алып.

— Бар, бара бер. Ансыз жаның жай алмак беле. Унчукпай эле коеюн деп өзүмө канча сөз берем. Болбой эле сүйлөп жиберем. Деги кечикпе. Биз да эл сыяктуу эртерээк барып бир аз эс алалы.

— Кантсе да мага ичи ачышып жатпайбы? Деги күйүмчөн. Барбай койсом дагы болбойт. Балдардын колунан эмне келмек эле деп ойлоду Сайбаттал Хабибулович тепкичтен шаша түшүп баратып. Ат спорту базасына саат тогуз болбой келди. Бардыгы жайында. Балдар аттарды бирден жетелеп чыгып сугарып жатышкан экен.

— Кандай, балдар! Кечээ биринчи майды жакшы өткөрдүңөрбү? Майрамыңар менен!

— Жакшы, Саша таяке. (Мында балардын баары тең Мурсалимовду ушундай деп аташат. Буга баары көнүгүп калышкан). Сиздин да майрамыңыз менен.

— Ырахмат, балдар. Бардыгы жайында дегилечи. Жакшы. Кана, бир сыйра көрүп чыгалы. Балдардын жазгы сонун майрам күнүнө карабастан эртең менен эрте базага келип, аттарды бапестеп карап жүрүшкөнүнө өз ичинен чоң кубанычта. Аларды эч ким чакырган да эмес. Өз ыктыярлары менен келип олтурушат. Балдарды көрүп өзүнүн балалык жылдары эсине түштү.

Согуш жаңы эле аяктаган. Мындай мектеп, таза тукумдуу жылкылар түшкө да кирчү эмес. Анда аларды ким ойлосун. Ярмарочная, азыркы Гоголь көчөсү, көз алдына ушул азыркыдай таасын тартылып турат. Арыктын боюндагы талдарга, бул коңшу көчөлөрдөгү кырка тигилген теректерге байланган аттар. Арабага байлангандарычы. Сайбаттал өзү теңдүү балдар менен ушулардан кетчү эмес. Себеби, өзүлөрү баруудан эригишип, көбүнчөсү кемпир-чалдар, аттарын сайдан барып сугарып келүүгө ушул балдарды жумшайт. Чакырган жакты көздөй балдар жарыша чуркайт. Бир эки көчө болсо да ат минип калууга кумар. Токулганына же жайдагына карашпайт. Ошондон бери ал жылкыдан кол үзө элек. Бала кезинен пайда болгон жылкыга карата сүйкүмдүү сезим уланды ат спортуна алып келди. Бул кийинчерээк, бир аз эс тартып, улан болуп калганында жүзөгө ашты.

— Менин эмгек жолум эрте башталды. Он сегизге толор-толбос ишке орноштум. Балалык чагым көбүнчөсү эжем менен жездемдин колунда өттү. Жездем кыргыз драма театрында артист болучу. Опералар да ушул эле театрда коюлуучу. Айтмакчы, музыкалуу драма театры деп аталуучу. Жездемдин ке-

цеши боюнча театрга жумушчу болуп кирдим. Башка кесипке жетиште элекмин. Менин багыма мында да эң сонун аттар бар экен. Өзгөчө кара айгыры. Мурда циркте таптaлыптыр. Ал аттарды караган киши токтолуп калган, алардын «тилин билген» адис болучу. Менин кызыгуумду байкап, бат-бат ат менен сахнага кирүүгө да уруксат берүүчү. Кара айгырдын башкарууга элпектигин айтпа. Эки арткы бутунда бир нече секунда тип-тик турчу болсо кимди болбосун таң калтыруучу. Бул менин ат ойнотууга кызыгуумду ого бетер арттырды.

Ушул арада Гоголь жана Карл Маркс көчөлөрүнүн бурчунда армияга көмөк көрсөтүүнүн ыктыярдуу коомунун (ДОСАРМ) атчандар клубу ачылды. Анда алгачкы машыгуу топтору түзүлө баштады. Бул Сайбатталдын үйүнө жакын эле жерде, бир жарым көчө аралыкта болучу. Уландын көктөн тилегени жерден табылды. Ал токтоосуз секцияга жазылууну чечти. Тилекке жараша мында өзүнө окшогон жылкы жандуу, нечен жылдар атчандар полкунда, аны «Осоавиахимде» ат спротту боюнча эмгектенген, тажрыйбалуу саяпкер жана тарбиячы Петр Иванович Мансуров машыктыруучу болуп иштөөчү.

— Сайбатталдын жылкыга болгон сүйүүсүн сүрөттөп айтууга сөз жетпейт. Биринчи жолу атчандар клубунун короосуна келгенде тигил суутулуп жүргөн аттарды балбылдап көз карашы алиге эсимен кетпейт. Бул баладан мыкты спортсмен, адис чыгат деген пикир дароо жүрөгүмдө жаралды. Жаңылган эмес экенмин. Эми аны ким билбейт? Өзү сыяктуу нечен чебер атчандарды тарбиялап өстүрдү. Кыргызстандын ат спортунун бүткүл союздук, эл аралык, Олимпиадалык орбитага көтөрүлүшүндө анын спортсмен жана машыктыруучу катарында салымы баа жеткис. Устасынан шакирти өтөт, дегендей ал бүгүн өлкөнүн курама командасын да даярдап жатат,— деп эскерет республикабызда

СССРдин эмгек сиңирген машыктыруучусу деген наамга биринчи болуп жетишкен, ат спортунда Кыргызстандагы алгач спорт мастери, элүүнчү жылдардагы мыкты спортсмен Петр Иванович Мансуров.

Сайбатталдын ат спортунун сырларын өздөштүрүүгө далалаты мында машыккан теңтуштарынан өзгөчө болучу. Уландын мыкты атчан болууга чоң ынтаасы Петр Ивановичтин саяпкерлик устаттыгына айкалышты. Болбосо эки жылдын ичинде республиканын алдыңкы спортсмендеринин катарынан орун алуу, Мансуровдун өзүнө жарашыктуу өнөк болуу кайдан колунан келсин. Анын токтоо мүнөзү, бир максаттуулугу жана эрктүүлүгү нечен кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүндүк берди.

— Петр Иванович мага биринчиден алдыңдагы атты жакшы түшүнүүгө тырыш. Сенин жеңиштерге жеткире турган да, жеңилүү кейишине сала турган да ошол төрт буттуу «досуң». Эми сенин спорттук өмүрүң атка ажырагыс байланышта. Аны «жазалоого» шашпа. Атты «жазалоо», камчылоо дегеним, мүмкүн болушунча колдонулбоого тийиш. Кантсең да жана эле өтө албаган тоскоолдон эптеп өтүүнүн жолун тап. Жалынан сыла, ары-бери бастырып, унуткар. Ошондо аны менен иштөөгө болот,— деп көп насаат кылуучу,— дейт Мурсалимов. — Бул менин отуз жылдан ашык спорттук жолумда нечен жолу ырасталды. Эми өз шакирттериме муну кайталоодон мен да чарчабайм.

Сайбаттал Петр Иванович менен колмокол бүткүл союздук аренада алгач кадам таштаганда 19 жашта болучу. Азыркы спортсмендер менен теңештиргенде, албетте, токтолуп калган курак. Ал кезде кайдан бүгүнкүдөй болсун. Атчандар мектебине 18—20 жаштардагы уландар, боз балдар келүүчү. Эми болсо, спорттун калган түрлөрүндөй эле, мында да жаштайынан чеберчиликке тарбияланат. Мелдештерди өткөрүү системасы да

өзгөрүлгөн. Мелдештердин календары эми тендешсиз бай. Уландар, жаштар арасында биринчиликтер айрым өткөрүлөт. Атчандар спартакиадаларда таймашат. Жаштардын Бүткүл союздук оюндарычы. Уландардын ат спортунун бардык түрлөрүнөн Европанын биринчилиги, эл аралык мелдештери эми кадыресе көнүмүш болуп калды.

1949-жыл. Москвада ДОСАРМдын Бүткүл союздук биринчилиги өтүп жатат. Бул Кыргызстандын атчандарынын алгач чоң мелдеши. Биринчи кадам шилтегенде ким апкаарыган эмес. Анын үстүнө ат спортунун өтө татаал түрүнөн. Бир эле атта үч күн өз устаттыгын көрсөтүү зарыл. Биринчиден манежде ат ойнотуу. Анан кросс. Ага тоскоолдуктардан секиртип жарышуу, 7 километрдик жүрүш, акырында татаал рельефке орнотулган жана табигый 36 кыйын тоскоолдуктардан өтүү керек. Үчүнчү күнү конкурс — башкача айтканда, тегиз аянтчада тоскоолдуктардан ат секиртүү.

Сайбаттал Симафор деген айгырда. Ал мелдешке катышкандардын эң кенжеси. Ошого карабастан биринчи экзаменден колунан келишинче жакшы өттү. Мыктылардын катарында байге алган жок. Бирок, өз ынтаасы менен адистердин купулуна толду. Петр Иванович да жакшы натыйжалар менен келди. Эмики жылы мелдешке сөзсүз келүүгө тапшырма алышты. Мында чогулган машыктыруучулар өзүлөрү билген кеңеш-насааттарын айтышты.

— Бүгүн ошол алгач мелдешти эскерсем күлкүм келет,— дейт Мурсалимов.— ал кезде мен сыймыктанган, чексиз кубанычта болгон Симафор азыркы баамдашымда үйрөнчүктөргө да жарабайт болучу. Мезгил өтүп жатпайбы. Ат спорту аябай өнүкпөдүбү. Ошол эле Симафор менен мен 1950-жылы ДОСАРМдын курама командасына киргем. Анын составында өлкөнүн командалык чемпионатына катышкам. Биздин азыркы аттар болгондо эч

ким тең келе алмак эмес экен. Мына алга өсүш.

1951-жылдан тартып Сайбаттал адегенде спортсмен, анан машыктыруучу болуп СССР-дин биринчилигине, СССР элдеринин спартакиадаларына үзгүлтүксүз катышып келатат. Тажрыйбанын байлыгы канткен менен билинип эле турат экен. 1951-жылы кыргыз атчандарынан биринчи болуп СССР спортунун мастери деген наамга Петр Иванович Мансуров жетишти. Ал кезде спорттун мастери жергебизде бириндеп саналуучу. Аттиц, Петр Иванович менен бирге мен да мастерликке жетишип калсам кандай сонун болор эле деп суктануу да болду. Биринчи болбогон соң эми шашуунун да кереги эмне деп ойлоду Сайбаттал. Андан көрө чеберчиликке дыкаттык менен жетишүү керек. Бул өсүш жолу дагы жети жылга созулду.

1955-жылы бир жылдан кийин СССР элдеринин биринчи жайкы спартакиадасы өткөрүлө тургандыгы жөнүндө чечим кабыл алынган болучу. Ал советтик спортсмендердин олимпиадалык оюндарга ийгиликтүү даярдануусун камсыз кылуу максатын көздөгөн. 1952-жылы Хельсинкидеги XV оюндарга өлкөнүн курама командасы өзүнүн Олимпиадалык дебютуна карабастан жакшы көрсөткүчтөргө жетишкен. Ал кезде Мурсалимов Хуржум деген кара тору айгырды таптап жүргөн болучу. Беш жылдан бери акырындап машыктыруучулук кесипти да өздөштүрүп келатат.

Өлкөнүн чемпионатынан кайтып келген соң ат ойнотуу тобун түзүү муктаждыгы пайда болду. Атчандар клубу айтаарлык кеңиди. Ошондо Мансуров жаш шакиртине кайрылып:

— Сайбаттал, үч жылдан бери көп нерсеге үйрөнүп калдың. Жаш да болсоң аздыркөптүр тажрыйба алдың. Ат спортунун үч түрүн өз колуңа ал. Балдардан танда. Мен болсом манежде ат ойнотуу тобун түзөйүн.

Бүгүн бул зарыл болуп турат. Менин кеңешим керек болсо тартынбай кайрылып тур. Бирге иштеп жатпайбызбы? Колуңан келээрине ишенем,— деди.

— Мейли, иштесе иштеп көрөйүн. Болбой баратса кайра өзүңүзгө өткөрүп берермин. Коркконум эле өзүм машыгып жүрүп башкаларды да башкаруу кыйын болор дейм. Эки иште жарыша жүргүзүү колуман келер бекен?

— Келбегендечи. Балдар сенин арканан, биргелешип кайталашса эле машыкканы ошол. Экөөбүз да биргелешип машыгып жүрбөдүкпү. Эч нерсе эмес. Ийгиликтүү эле болот,— деп ынандырды Мансуров жаш өнөгүн.

Спартакиадага даярдык кызуу башталды. Ат спортунун үч түрү боюнча топко Владимир Матвеев, Александр Мурсалимов, Анатолий Курочкин кириштн. Эки жыл такай даярдык жүрдү. Мелдештерге жөнөрдө бул топко 17 жаштагы Камыл Абдукадыров да кошулду. Спартакиада кыргыз атчандарынын улам өсүп-өнүгүп келаткан чеберчилигин айгинеледи. Бул бүткүл элдик спорттук кароодо делегацияга жалгыз спартакиадалык медалды — болгондо да алтын, ат спортунун өкүлү, Сайбатталдын жубайы Надежда Огородникова манежде ат ойнотууда алып келди. Үч гана жыл машыккан спортсменка Смута деген бээде «кичине байге» үчүн көнүгүүлөрдү жогорку баага аткарды. Бул машыктыруучу Петр Ивановичтин да алгачкы чоң жеңиши болучу. Ат спортунун үч түрү боюнча Сайбаттал баш болгон квартет алдыңкы он командanын катарында болду. Кантсе да келечек ийгиликтердин карааны даана көрүнүп турду.

Республиканын ат спортундагы алгачкы белсемдүү кадамы 1959-жылы СССР элдеринин II жайкы спартакиадасында жасалды десек жаңылышпайбыз. Бул жылы биздин чеберлер Бүткүл союздук гана эмес, эл аралык аренага ишенимдүү чыгышты. Алдыңкы

жылы Орто Азиянын биринчилиги үчүн мелдеште СССР спортунун мастеринин нормасын толтурган Сайбаттал спартакиадага эки ат даярдады. Беш асыйга чейинки аттардын мелдешинде Дозор деген айгырда, жашы андан чоң аттардын таймашуусунда — айтылуу Хуржумда чыкмак болду. Ал кезде Хуржум күчкө толуп, адистер арасында кеңири таанымал болуп калган учур.

Спартакиада. Советтик спортсмендер үчүн андан орчундуу сыноо жок. Олимпиадалык оюндарга кандидаттарды алдын ала тандап алуу максатында экинчи спартакиада 1959-жылга дайындалган. Анын чемпиондоруна путевка даяр экенинде шек жок. Ал эми Олимпиадада таймашууну, дүйнөлүк спорттук форумда болууну кайсы гана спортсмен самабайт. Азыркы олимпиадалык оюндардын негиз салуучусу Пьерде Кубертэн: «жеңиш чыгуу гана эмес, оюндарга катышуунун өзү канчалык чоң сыймык» деп бекеринен айткан эмес да.

Бул жолу фрунзелик спортсмендин багын ачкан, көптөн самаган максатына жеткирген Дозор болду. Хуржум манежде ат ойнотууда штрафтык очкону көбүрөөк алды. Анын үстүнө кросс да ийгиликсиз болду. Тилекке жараша Сайбаттал Дозордо стартка экинчи кезекте чыкмак. Эми бардык маршрут, тоскоолдуктар жакшы тааныш. Алгачкы каталыкты жоюуга мүмкүнчүлүк бар. Кайсы тоскоолдукка кайсы жактан келүү оңтойлуу экени белгилүү болуп калды. Дозор кроссту элпек баштап, ишенимдүү башкаруунун алдында улам бир тоскоолдон таза өтүүдө. Радиодон: «Мурсалимов Дозордо тогузунчу... он экинчи... жыйырманчы... отузунчу тоскоолдон таза өттү... деген гана жарыя даана угулат. Алдыда эң татаал тоскоол — көмкөрүлгөн кеме жана тике жардын ары жагындагы чакан дарыя бар. Спортсмендин көпчүлүгү ушул жерден жаңылып жатышат. Бирок, Сайбаттал аны менен мурда, Хуржумда тааныш бол-

гондуктан, так эсеп менен, токтоо келип таза өттү. Кийинки тоскоолдуктар көп эмес болучу. Жеңиш! Спартакиаданын чоң алтын медалы.

Бул ийгилик Мурсалимовду Советтер Союзунун европалык чемпионатка даярданып жаткан курама командасынын составына алып келди. Мелдеш күзүндө Англияда өткөрүлмөк. Дагы эки ай машыгууну улантканы соң советтик атчандар Англияга жол тартышты. Лондонго жакын жерде өткөрүлгөн мелдештерде экинчи күнү кросстун аралыгында Сайбаттал кырсыкка дуушар болду. Чукул эңкейишке тектирче катары орнотулган тоскоолдон аты менен ала сала кетип, колун сындырып алды. Медициналык тез жардам аны ооруканга жеткирип, колуна шак-шак салды. Чемпионаттын калганын ал радиодон, күнүнө кечинде келип турушкан жолдошторунан угуп жатты. Чемпионат го өттү. Мурсалимовдун көңүлүн өйүгөн келерки жылы Римде боло турган XVII Олимпиадалык оюндар. Колум айыкканча кемпинде эки-үч ай өтөт. Өзүм да, ат да таптан чыгабыз. Ушинтип, колдо турган путевканы алдырып жиберемби деген ой көңүлүнөн кетпейт.

Москвадан үйүнө жөнөөрдө Спорткомитетте ага олимпиадалык курама команданын составындагы орду жөнүндө кам санабай жакшы айыгып, акырындап машыга берүүсүн айтышты. Эми Дозор чоң мелдешке жарабай калды, туягы майып болуптур, сага башка ат тандадык. Аны азыр жакшы адистер даярдап жатышат. Өзүң да жакшы билишиң керек. Ал Ростов-на-Дону шаарынан Сатрап деген айгыр дешти. Мурсалимов үйүнө көңүлү жай, олимпиадалык чоң үмүт менен кайтты.

Канткен менен тынч жата алган жок. Бир жумадан кийин эле базага жетип барды. Дозорго аябай ичи ачыйт. Аны менен Римде болом деген үмүтү чоң болучу. Эми жаңы атты өздөштүрүү керек. Жазга дейре кайдан

машыга алсын. Ошондой болсо да күнүнө бир-эки сааттан атка минип, бир колу менен иштөөгө аракеттенет.

Москвада даярдык айлары сезилбестен ылдам өтүп кетти. Сатрап да көнүгүп калды. СССРдин спорттук делегациясы Римге сапар тартты. Анын катарында Кыргызстандын тунгуч олимпиадачысы, ат спорту боюнча мастер Сайбаттал Мурсалимов да бар. Кыргыз спортунун тарбиялануучулары үчүн олимпиадалык чыйыр дал ушул 1960-жылы XVII оюндарда сыналган болучу.

Рим. Бул шаар жөнүндө ким окуган эмес, анын тарыхый маанисин ким билбейт. Баланын болсун, карынын болсун көз алдында сүрөттөлгөн, делебесин козгогон улуу шаар эмеспи. Анын тарыхый окуяларга толгон көчөлөрүндө, ак мөңгүлүү Ала-Тоонун койнунда өсүп жетилген жигит таланттарга бай кыргыз жеринин спорттук элчиси катары ишенимдүү кадам шилтейт. Арадан көп жылдар өтүп, нечен континенттерди, өлкөлөрдү көрүп кайткан соң Сайбаттал «кантсе да Римге жетпейт экен. Бул шаардын ар бир үйү, көчөсү, кала берсе устундары да өзүнчө бир тарыхтын баракгары», деп эскерет.

Олимпиадалык биринчи старт Мурсалимов үчүн айтарлык ийликтүү болду. Ал ат спортунун үч түрү боюнча советтик квартеттин ичинен жогорку ийгиликке жетишти. Өтө татаал аралыкта Сатрап менен биринчи натыйжаны көрсөттү. Мурдагы эки Оюндарда биздин атчандар алдыңкы он орунга чендеген эмес.

— Кросстун трассасын чыныгы олимпиадалык деп атоого болот,— дейт Сайбаттал.— Москвадагы трассада Сатрап менен сөзсүз бир медалдын ээси болмокпуз. Мында Америкадан, Европанын өлкөлөрүнөн келген таза тукумдуу аттар менен таймашуу өтө кыйын болду. Мага өзгөчө америкалык мустангалар жакты. Алардын секиргичтигин айтпа. Андай аттарда биринчилерден болбой калуу

мүмкүн эмес. Ошентсе да көптөгөн адистердин көзүнө көрүнүп койдук. Баарыдан мурда, эң жакшы мелдешүү мектебинен өттүк.

Мурсалимовдун бул айтканы Кыргызстандын жана өлкөнүн атчандарынын кийинки мелдештерде жетишкен ийгиликтери менен далилденип турат. 1961-жылы Камыл Абдукадыров, Абдрахман Хашимахунов, Валерий Воскобойников менен бирдикте Сайбаттал Советтер Союзунун чемпионатынан алгач командалык күмүш медалды алып кайтты. Соңку жылы Европанын чемпионатында Сайбаттал Мурсалимов, Павел Деев, Лев Баклышкин, Герман Газюмовдон турган советтик квартет алтын медалдын ээси болду. Кайрадан Англияда өткөн бул континенттик мелдеште көрүүчүлөр советтик атчандарды жогорку сыйлыгы менен чын жүрөктөн куттукташты. Бул өлкөдө ат спортун түшүнүшөт жана баркташат эмеспи. Мелдештердин, машыгуулардын машакатында арадан төрт жылдын өтүп кеткени байкалбай деле калды. СССР элдеринин III жайкы спартакиадасы да жетип келди. Эми Сайбаттал Жигит деген тору кашка айгырда кайрадан ардак тепкичинин эң жогорку баскычына көтөрүлдү. Командалык натыйжа да кубанарлыктай болду. К. Абдукадыров, В. Воскобойников, А. Хашимахунов, Сайбаттал коло медалдын ээлери болушту. Бул үмүттөндүрүүчү ийгилик Мурсалимовду Токиодо боло турган XVII Олимпиадалык оюндардын путевкасы менен камсыз кылды. Японияның борборунда советтик команда кайрадан бешинчи байгелүү орунга жетишти. Оюндарда алгачкы алты орун байгелүү деп эсептелет. Себеби аларга зачеттук очколор берилет.

1965-жылдагы Европанын чемпионатында ат спортунун үч түрү боюнча советтик командanын составы теңине өзгөрдү. 62-жылдагы чемпиондордон Сайбаттал менен Л. Баклышкин гана калды. Кайрадан Александр Евдокимов менен Валентин Горелкин кошулду.

Бул квартет биринчиликти колдон чыгарган жок. Экинчи жолу алтын медаль менен сыйланды.

Советтер Союзунун биринчилиги үчүн мелдеште көптөн күткөн жеңиштүү старт 1970-жылы келди. Мурсалимов Индикатта, составга жаңыдан кошулган Николай Чернов Факелде жана К. Абдукадыров Бананда үч күндүк оор сыноодон жогорку чеберчилик менен өтүп, биринчи жолу өлкөнүн чемпиону деген ардактуу наамга татыктуу болушту. Бул командanын СССР элдеринин бешинчи спартакиадасынын мелдештерине жакшы даярдыгынын далили катары бааланды. Спартакиаданын алгачкы күнү бул үмүт акталчудай көрүндү. Манежде Сайбатталдын квартетине тең келүүчүлөр болгон жок. Кросс. Ушул жерде кыргызстандык атчандарды кырсык тосуп турган экен. Мурсалимов аралыкты жакшы өттү. Спартакиаданын дебютанты Сергей Фокин да машыктыруучусунан кем калышкан жок. Стартта Абдукадыров. Аралыктын тегине келгенде араба сымал жасалган тоскоол турат. Жаңыдан себелеп келген жаандан кыртыш нымданып, сыйгалак болуп калган. Камылдын алдындагы Банан арабадан так секирип өтүп, нымдуу чөптөн алдыңкы эки буту менен тайгаланып барып ала салып кетти. Абдукадыров үзөнгүдөн бутун чыгарууга үлгүрбөй атынын алдында калды. Оң акыреги сынган бойдон ооруканага алып кетишти. Чернов калды. Анын Факели коктуга узатасынан орнотулган устунга алдыңкы буту менен катуу урунуп алды окшойт, марага кызуусунда жакшы келсе да, анан аксай баштады. Бардыгыбыз тандын атышын чыдамсыздык менен күтүп жаттык. Ар кимибиздин оюбуз Факелде, эртең менен аксаар бекен, жокпу? Ветеринардык доктур колунан келген амалынын баарын жасады. Аксабай, Чернов конкурстун стартына чыкса эле спартакиаданын алтын медалы колдо турат. Калган командалар алыс. Аксасачы. Анда комис-

сия Факелди мелдештен чыгарат. Медаль эмес командалык орун жок. Анткени эки киши команда болуп эсептелбейт.

Таң атаары менен бардыгыбыз атканага шаштык. Жетип келсек Мурсалимов бизден мурда үлгүрүптүр. Жок достор. Эч нерсе чыкпайт. Факелди стартка чыгарышпайт, мени айтты деп койгула. РСФСРдин өкүлү кечээ эле атайын комиссияга арыз таштаган. Эреженин талабы ушундай, деди. Ооба, Факел мелдештен чыгарылды. Команданын составы кемиди. Спартакиадалык алтын медаль караандатпай кетти.

— Деги биздин спартакиадада жолубуз болбойт,— дейт эми да Мурсалимов өкүнүч менен. Чемпионаттарда жеңип эле жатабыз. Спартакиаданын алдында да, кийин биринчи болдук. Анан спартакиаданын жүрүшүндө эле кырсык болуп калат. Бул биздин муунга гана түгүл, жацы өсүп жеткен кийинки муунга да таандык.

Сайбаттал Хабибулович өкүнгөндөй эле бар. Спартакиадалык таймашуулардан кийин Кыргызстандын атчандарына Германиянын Демократиялык Республикасында Европанын алдыцкы командаларынын катышуусу менен өткөрүлгөн эл аралык мелдеште өлкөбүздүн спорттук намысын коргоо ишеничи тапшырылды. Алар мында жакшы көрсөткүчтөр менен өтүштү. Республикалык курама команданын алгач эл аралык старты бешинчи орун менен корутундуланды.

Чет мамлекеттен келген соц ат спорту боюнча республикалык мектептин жетекчилиги, машыктыруучулар совети таянычты жаштарга жасап, составды толук которууну чечти. Буга алдын ала даярдык да көрүлгөн болучу. 3—4 жыл илгери жеткинчектер топтолуп, алардан келечек курама команданын өзөгү түзүлгөн. Александр Блинов, Марат Мурсалимов, Вахаб Хатамов 16—17 жаштарда болсо да машыгуу мектебинен ийгиликтүү өтүшкөн.

Бул трионун бүткүл союздук аренадагы алгачкы эле кадамы чоң жеңиш менен белгиленди. 1972-жылы өлкөнүн уландар арасындагы чемпионатында жаш смена биринчи орунду жеңип алды. Соңку жылы өлкөдө жаштардын Бүткүл союздук биринчи жаштар оюндары өткөрүлдү. Уландардын чемпионаты аны менен удаа жүргүзүлдү. Адистердин, ат спортуна ышкыбоздордун көңүлү чемпиондорго токтолгон. Алардын ийгилиги бекем негизде түзүлгөнбү же спортто учуроочу кокус көрүнүштөрдөнбү? Бул суроо өлкөнүн жаш таланттарынын Минскиде болгон чоң кароосу гана ынандыраарлык жооп бермек. Жекече эсепте Вазир күмүш, Марат коло медаль менен сыйланышып, Мурсалимовдун беш жылдык талыкпаган үзүрлүү эмгегин акташты. Мына ошондон бери атчандарыбыз ардак тепкичинен, адистердин оозунан түшө элек.

1976-жылы биз аларды СССРдин чемпионатында өзүлөрүнүн улуу агаларынын, аталарынын ордунан — ардак тепкичинин эң жогорку баскычынан көрдүк. Велосипед спортунда соңунан түшүп жарышуу деген болот. Командanын улам бир мүчөсү алдыга түшүп, өнөктүктөрүн алдыга баштайт, алардын жолун жеңилдетет, беттен урган аба басымынын тоскоолун өзүнө алат. Ал сыңары лидерлик ролду бул жолу Марат өз колуна алды. Жолдошторун жеңиштүү марага үндөп, кенже Мурсалимов жекече эсепте экинчи натыйжаны көрсөттү. Чемпионаттын натыйжасында Сайбатталдын чебер тарбиялануучулары толугу менен өлкөнүн курама командасына кандидат болуп катталышты.

1977-жылы жаштардын Бүткүл союздук экинчи спорттук оюндарынын финалдык мелдештерине бараткан жолдо вагондо Александр кырсыкка чалдыкты. Ал аттарды күзөтүп бараткан. Жаңыдан тапталган Галзун деген кара тору айгыр Блиновдун тизесин катуу тиштеп салды. Үч-төрт ай ооруканалар-

да эмделүүгө туура келди. Командада аның ордун баскан Жумабек Адамкулов жолдошунун жеңиштүү эстафетасын улантты. Күмүш медалдын ээси болду. Команда мурдагыдай эле биринчи орунда.

СССР элдеринин VII жайкы спартакиадасы алдында Польша Эл Республикасында өткөрүлгөн эл аралык мелдешке чыгуу Александр, Вазир, Жумабек жана Мурат үчүн жогорку чеберчиликтин сынооcу гана болбостон, Сайбатталдын машыктыруучулук устаттыгын Бүткүл союздук өлчөмдө аттестациялоо болду. Мындагы командалык жеңиш Мурсалимовдун СССРдин олимпиадалык курама командасы менен иштөөгө татыктуу экендигин дагы бир жолу ырастады. Ал мурда да бул ишке бирин-серин тартылып жүрүүчү. Эми андан бекем орун алды.

Мурсалимов билгич тарбиячы гана эмес, биринчи кезекте, мыкты саяпкер катары өлкөдө чоң кадыр-баркка ээ. Анын колунан нечен мыкты аттар тапталып чыкты. — Ийгилик баарыдан мурда жакшы даярдалган аттын жалында келет дейт Сайбаттал Хабибулович.— Адегенде туура тандоо керек, андан ары таптоо башталат. Бул иште спортсмендин өзүнө жүктөп коюу жаңылыштык болот. Спорттук атты таптоо устаттыгы көптөгөн жылдардын жыйынтыгы, дилгир эмгектенүүнүн ширеси. Муну ондогон, кээде бүткүл өмүрү бою ат менен жашаган адам гана түшүнөт.

1976-жылы Мурсалимов республиканын жылкы заводдорун кыдырып жүрүп, үч асый Галзун деген кара-тору айгырды тандап келди. Ал саяпкерге биринчи көргөндө эле жагып калды. Бир жыл тапталган соң аны уулу Маратка берди. Себеби, ал курама командада жогорку көрсөткүчкө жетише баштаган. Бирок, атты берип жатып: сен Галзунду өз менчигиң катары эсептебе. Аранардан кимиңер Олимпиадага, Европалык чемпионатка катышуу укугун алсаңар, ошол минет. Галзун олимпиадалык мүмкүнчүлүгү чоң ат. Му-

ну унутпагыла, деген. Анын сөздөрү төрт жылдан кийин ордунан чыкты.

СССР элдеринин VII спартакиадасынан кийин Марат сыркоолоп калды. Олимпиадалык оюндар улам жакындап келатат. Кырдаалды туура баамдап, машыктыруучу Галзунга Блиновду мингизди. Саша Галзун экөөң 1977-жылы таанышкансыңар, эсиңдеби. Эр чегишпей дос болбойт, дегендей, бир жолу чапчышып алдыңар. Ал сенин алдыңда күнөөлүү. Ал күнөөсүн Олимпиадада жуушу керек, деп тамашалады. Галзунга өтө татаал тоскоолдуктар гана керек. Жеңилдерин көзгө илбейт.

Москвадагы Олимпиадалык оюндар алдында өткөрүлгөн бардык мелдештерде Блинов Галзунда жогорку көрсөткүчтөрдү жаратып жатты. Бирок, спортсмендин эл аралык старттардагы тажрыйбасынын аздыгынан кооптонгондор көп болду. Сайбаттал Блиновдун чоң мүмкүнчүлүктөрүн далилдөөдөн чарчаган жок. Акырында аны команданын төртүнчү мүчөсү кылууга чечим чыгарылды. Олимпиада Александр менен Галзун төртүнчү эмес, биринчи экендиктерин көрсөттү. Мурсалимовдун бардык кеңештерин так жана кыйшаюусуз аткаруу менен Александр жекече 2чи-орунду ээлеп, команданын биринчи болуусуна, бардык олимпиадалык оюндардын тарыхында алгачкы алтын медалды жеңип алууга белсемдүү салым кошту. Сайбаттал Хабибуловичтин көптөн самаган тилеги ишке ашты — Кыргыз жергесинен Олимпиадалык чемпион өсүп жетилди.

Бүткүл дээрлик аң-сезимдүү өмүрүн ат жалында өткөргөн чебер спортсмен, талланттуу машыктыруучу, билгич саяпкер СССР спортуна эмгек сиңирген машыктыруучу деген жогорку наамды олимпиадачылардын жаңы муунун тарбиялоо менен актоо аракетинде. Анын башкаруусу алдында ат спортунун үч түрү боюнча республиканын курама командасы 1981-жылы СССРдин чемпиону де-

ген наамды үчүнчү жолу жеңип алды. Бул атчандардын үчүнчү муунунун ийгилиги. Бүгүн төртүнчү муун алгач жеңиштерди жаратып жатат.

Мирзат Сабиров он жашында 1974-жылы атчандар мектебинин эшигин биринчи жолу аттаган болучу. Жети жыл ал Сайбаттал Хабибуловичтин тарбиясын алды. Мирзат эки жылдан бери СССРдин уландар арасында чемпионатында биринчи орунду колунан чыгарбай келатат. 16 жашында СССР спортунун мастери болгон Мирзат 1981-жылы өлкөнүн курама командасынын составында жаштар арасында Европанын чемпионатына катышты. Аны менен катар Камыл Абдукадыровдун уулу Закир да өсүп жатат. Ал өзүнүн 18 жашына карабастан өлкөнүн чоңдор жана уландар арасында чемпиону. Команданын үчүнчү мүчөсү Мирзаттын бир тууганы Ильзат. Кыргызстандын ат спортунун келечеги, жеңиштүү эстафетаны улантуучулар мына ушулар.

Советтер Союзунун жана Кыргызстандын ат спортунун үч түрү боюнча курама командаларынын машыктыруучусу Сайбаттал Хабибулович Мурсалимов бүгүн эр ортонуна келген мезгили. Анын басып өткөн өмүр жолун, жергебизде спортту атап айтканда, ат спортун өнүктүрүүгө кошкон баа жеткис салымын, талыкпаган жигердүү эмгегин көз алдыга алып келип, дилгир адистин эмгегине чоң алкышыбызды айтмакчыбыз. Атчандарыбыз дагы нечен белсемдүү жеңиштери менен кубандыра тургандыгына ишеничибиз чоң. Анткени, алардын өсүү жана жетилүү жолу бекем колдо.

МАЗМУНУ

Жеңиш жолунда 3
Курч рапира 21
Өзгөчө учур 31
Ат жалындагы өмүр 41

КАРИМБАЕВ ТУРАШ

АТАКА НА СКОРОСТЬ
(очерки)

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактор Ы. Элакунов
Худ. редактор Г. Куценко
Тех. редактор Ж. Сооронкулова
Корректор М. Кожалиева

ИБ № 1861

Терүүгө 15.06. 1981-ж. берилди. Басууга 5.01 1982-ж. кол коюлду. Д—02117. Кагазы типографская № 1. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84х90 1/32 1,875 физ. басма табак, 2,625 шарттуу басма табак, 2,461 учеттук табак, 2,8 боек түшүрүү. Тиражы 2000 Заказ № 2133. Баасы 15 т.

«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72.

15 т.